Элмирбек ИМАНАЛИЕВ



# АК ТАҢДАГЫ АК БАТА

Элмирбек Иманалиев



# АК ТАҢДАГЫ АК БАТА

Бишкек-2020

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-5
И 50

Э. Иманалиев

И 50 Ак таңдагы ак бата. 2-басылыш. – Б.: 2020. – 124 б.

ISBN 978-9967-9269-3-6

Колуңуздардагы чакан басылмага Кыргыз Республикасынын эл артисти, замандын залкар акыны, ЭЛ УУЛУ Элмирбек Иманалиевдин ар таңда, кечте, ар кандай майрам-маарекелерде жакындарына жөнөтүп турчу каалоо-тилектери, баталары, турмуштук нуска-кеңештери топтолду.

ISBN 978-9967-9269-3-6

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-5

© Э. Иманалиев,
2020

* * *

Элибизде ынтымак, жерибизде береке болсун! Эл билгилеринде ар-намыс, абийир, ариет болсун. Эл менен бирге, жакындарыбыздын кашында эсенчиликте татыктуу, таттуу өмүр сүрөлү! Аткан таң менен кубаныч чогуу келип, күнүбүз сергек башталсын!

Оюбузда ак тилек, ар-намыс, уят болсун!
Боюбузда ден соолук, кубат болсун!
Тилибизде жакшы сөз, тилек болсун!
Көкүрөктө таптаза жүрөк болсун!
Үйүбүз кут-ырыска түнөк болсун!
Оомийин!

* * *

Бул өмүр – ак-карасы, жакшы-жаманы, келмеги-кетмеги аралашкан аманат дүйнө, кызыгы арбын кызуу турмуш экен. Ушул өмүрүбүздө Жараткан бизге бардык кырдаал менен туура күрөшүүгө күч-кубатты, эрк менен сабырды, кайрат

менен акыл-эсти жетиштүү берсе экен деп тилейм.

Кубаныч-шаттык да – аманат! Кайгы-капа да – аманат! Экөөндө тең адамдык асыл сапаттарыбыздан ажыратпасын!

Жараткан күч-кубат берсин! Ар күнүбүздү татыктуу жашайлы!

КУТМАН ТАҢ!

* * *

Көкүрөк өйүгөн көйгөйлөр жок болсун! Көңүлдөр ток болсун! Жаркын маанайда болуп, жан дүйнө сүйгөн күн болсун!

КУТМАН ТАҢ!

* * *

Көңүлдүү күн, иште жигердүүлүк каалайм!

Жарык таң менен бирге жарык маанай болсун!

Жерибиз берекеге толсун!

Элибиз ойгонсун... оңолсун!

Жараткан бизге:

Суубаган ысык көңүл берсин!

Суудай узун өмүр берсин!

Уздай таза тилек берсин!

Урматка толгон жүрөк берсин!

Ар-намыс менен пейилди, ааламдан кенен берсин!

Акыл-эс менен адамгерчиликти, ак деңизден терең берсин!

Оомийин!

* * *

Таңдын касиети күчтүү. Муну тарыхтар бою көптөгөн элдер тутунуп жана айтып келишет. Илимде тастыктап жатышат. Таңдын бир сааты – күндүн башка убактыларынын эки саатына тете дегенди эшиткеним бар жана өзүм да сезгеним бар. «Куттуу таң» деп бекер айтылбайт бизде.

Кут каалайм! Жан соолук, ден соолук каалайм!

КУТМАН ТАҢ!

* * *

Жараткан жар болсун да, куттуу таң кубанычка бөлөсүн, ден соолукка дем болсун!

Күнүбүздү күлкү-шат коштосун!

Жүрөктү мээрим менен тынчтык уяласын!

Элге ынтымак менен аруу пейил берсин!

Жерге береке менен бейпилдик берсин!

Ар-намыс менен ариет алыстабасын!

Жакшы ниет менен тилек кылган жаркын максаттарыбызга жетүүгө Кудурет ээси кубат берсин!

Кыйынчылык болсо, аны жеңүүгө андан он эсе көп күч, эрк, кайрат берсин!

КУТМАН ТАҢ!

* * *

Өткөнүбүзгө өкүт кылбай, болмушубузга шүгүр этип, эртеңибизге үмүт артып, Жараткан жар болсун дейли! Жакшылык бар болсун дейли!

Жан аруу болсун!
Ден сак болсун!
Ниет ак болсун!
Кудурет кубат болсун!
Кубаныч булак болсун!
Рухубуз нурунан ажырабасын!
Улутубуз ырынан ажырабасын!
Улуулар нарктан тайбасын!
Кичүүлөр барктан тайбасын!
Уулдарыбыз сыйынан кетпесин!
Кыздарыбыз сынынан кетпесин!
Жерибиз көркүнөн ажырабасын!
Элибиз эркинен ажырабасын!
Тилегибизди Улуу Жараткан кабыл кылсын!
КУТМАН ТАҢ!

* * *

Бүгүнкү күн чыныгы өмүрдүн тизмесиндеги маанилүү күндөрдөн болсун!

Ар ирмем сайын шүгүрчүлүк менен кубанычты туялы!

Ал үчүн өз жүрөгүбүздү угалы!

Бири-бирибизге ак тилектерди
суналы!
Терс ойлор болсо, оңго буралы!
Кирдебейли! Туналы!
КУТМАН ТАҢ!

* * *

Кыргыз элибиздин жан дүйнөсүн асылдандырып, бошосо кайрат берип калка болгон, алгаласа арка болгон, бөксөрсө толтурган, бөлүнсө бир кылып, бүлүнсө кол сунган кудурет күч – Манастын шаасы, анын касиети!

Жараткан ошол касиеттен ар бирибизди ажыратпасын! Көңүлгө кир жукпасын! Абадан ар бир дем алганыбыз үчүн шүгүр кылалы!
КУТМАН ТАҢ!

* * *

Кыргыз улуу эл экенибизди ар бир таңда эске алып, ар бир күндү ошого татыктуу жашайлы!

Биз ар кыл кыйын кырдаалда кылычтай кайралабыз! Жаркылдайбыз, кыңгырайбыз. Таң менен бизге Улуктардын ШААСЫН берсин! ДЕМ берсин!

КУТМАН ТАҢ!

* * *

Жакшы ниети бар кишиде – жакшы каалоолор болот. Жакшы каалоолору бар кишиде – жаркын үмүт болору бышык. Үмүтү жаркын кишиде – бийик максат бар. Бийик максат койгон кишиде – улуу аракет болот. Улуу аракети бар ар киши – эмгектенет, билим алат, үйрөнөт, үйрөтөт жана жакшы нерселерди жаратат, эл-жерине пайда келтирет. Андай ар жаран Мамлекеттин түркүгүн түптөйт. Түркүк болор эли бар өлкө – БИЗДИН КЫРГЫЗСТАН деп ишенем!

Өз мамлекети, өз улуту, өз эли, өз жери менен сыймыктанып ойгонуп, таң тоскон ар бир кыргыз бактылуу! Бизге ошондой таңдарды кут кылсын. Элди эркиндигинен ажыратпоо – ар бирибиздин ыйык милдетибиз!

Чөкпөйлү да өсөлү!
Чоң максатка жетели!
Көйгөй болсо, көптөп чечели!
Көпүрөбүз кулабасын!
Тоолорубуз урабасын!
Байлыгыбыз чачылбасын!
Балдарыбыз басынбасын!
Абийирибиз төгүлбөсүн!
Аксакалдар сөгүнбөсүн!
Ынтымак менен ырк кетпей,
Ыркырашкан журт дешпей,
Керегебиз кенен болсун!
Тамырыбыз терең болсун!
Ар жакшы иш – анан дебей азыр болсун!
Ак таңдагы ак батам кабыл болсун!
Оомийин!

* * *

Улуу жарыкчылыкта эмнелер бар болсо, ошонун баары – белек. Бир нерсени жоготкон болсок, бир нерсени табабыз. Кечээки күндү узаткан элек, бүгүнкү күндү тосуп турабыз. Бар бололу!

Чексиз сүйүү, бакубат турмуш, чың ден соолук, жигердүүлүк жана эмгек менен иштин акыбетинин ак жаркын кубанычын каалайм!

КУТМАН ТАҢ!

* * *

Күндө жаңы, жапжаш, кайталангыс таңдарды тосуп жатабыз. Күн жерге шооласын өз убагында кандай төгүп жатса – биздин да бири-бирибизге жакшы тилектерди каалап, аны билдирип турганыбыз жакшы нерселерден деп ойлойм.

Жараткан бизге сыноо берсе, кайрат менен сабырды кошо берсин!

Кызмат менен милдет берсе, жоопкерчилигин кошо берсин!

Байлык берсе, мээримди кошо берип, кайрымы менен буйрусун!

Үмүт, максат, тилек берсе, күч, жөндөм, акылды кошуп бергей!

* * *

Көп учурда таңда ойгонуп жатып, бабалардын бизге мурас калтырган баа жеткис асыл табериктерин эстейм. Алардын эң теңдешсизи – ушул Ата журттун абасын жутуп ойгонуу.

Мекени, мамлекети бар эл кандай бактылуу! Ушундай таңдарды биз, элибиз, биздин урпактар ар заманда көрсүн. Жерибизде береке, элибизде тынчтык болсун!

КУТМАН ТАҢ!

* * *

Бүткүл дүйнөнүн бейпилдиги менен бактысы – ар бирибиздин жакшы ниетибизге байланыштуу.

Жакшы ниет – ак тилек! Ак тилек – чыныгы татыктуу иш-аракетке башат экени талашсыз! Ак тилек менен аруу таң кут болсун!

* * *

Баары – биздин жүрөгүбүздө. Жүрөктө караңгылык болбосун!

Жүрөктү караңгы кылган – жек көрүү;
Жүрөктү жарык кылган – сүйүү.

* * *

Эң зор жаратылыш менен көзгө илешпеген кымындай микроэлемент чаңчанын табигый ТЕҢДИК укугу – жүрөгүндө тынчтык менен сүйүү толгон адам үчүн бирдей. Мындай адамга эч бир болмуштун күчү каршы чыкпайт. Себеби ал – жашоону кандай болсо, ошол калыбында сүйөт.

Жек көрүү, азаптануу, уруш-талаш, чыр-чатак дегендер – сүйүү жок жерде гана кайсы бир коркунучтуу ооруну алып жүргөн клетка сымал жандана баштайт. Мына ушундан убакыттын ар бир ирмеминде сактаналы.

Уйкудан ойгонуп Кудай бизге белек кылган эң баалуу азык – абадан дем алып жатканыбызды сезгенде жүрөгүбүзгө руханияттын кубанычтуу нуру толсун! Ал

биздин жүрөктөгү чыныгы сүйүүнү ойготсун!

Ошон үчүн таң куттуу! Кутту кармайлы: баалайлы, тутуналы, качырбайлы!

* * *

Сандаган адамдар ушул таңда ойгонгон жок... Кечээ ниет кылып: «Эртең айтам», – дегенин айта алышкан жок... Бул күндү көрбөй калышты...

Шүгүрчүлүк!
Шүгүрчүлүк!
Шүгүрчүлүк!

Ойгонгондор, жакшы сөзүбүз менен бири-бирибизге айткыбыз келген жакшы тилектерди арнайлы! Күнүбүздү шүгүрчүлүк менен, сүйүнүч менен куунак баштайлы!

* * *

Биздин ак тилек, аруу ниет менен кылган иштерибизден чарчаган кечтер – кандай жакшы ырахат!

Биздин жаркын максат, жакшы үмүт менен аттанган таңдар – кандай жакшы ырахат!

Кыргыз элибиздин бактысы баарыбызга орток экенин ар учурда сезели!

Биздин керемет Ата журтта тосуп жаткан ар бир таңыбыз үчүн биздин ата-бабаларыбыздын тери, көз жашы, каны төгүлгөнүн унутпайлы!

КУТМАН ТАҢ!

* * *

Жакшы адамга, жан дүйнөңө жакын адамга жакшылык тилөөнүн өзү – ырахат. Тилектештик, биримдик, максатташтыктын башаты да жакшы тилектерди бири-бирибизге чын ниеттен каалоодон, аруу дил арноодон башталарын сезем... Ар бир таңды кубаныч жана топук менен тосууну буйрусун!

* * *

Оо Жараткан! Бизге ийгиликтен кийинки кыйналууну эмес, кыйналуудан кийинки ийгиликти бер!

Бизге кубанычтан кийинки капаны эмес, кападан кийинки кубанычты бер!

Бизге түшүнүшүүдөн кийинки түшүнбөстүктү эмес, түшүнбөстүктөн кийинки түшүнүшүүнү бер!

Жан дүйнөбүзгө жарык бер!

Оомийин!

* * *

Жакшылык жалгашып турсун!
Ар ишибиз алкышка бөлөнсүн!
Көңүлүбүздү кир чалбасын!
Сабырыбыз ырахат берсин!
Кыйынчылыкта кыркылбайлы!
Татаалдыкта тайгылбайлы!
Ордуктарда ообой туралы!
Алсыздыкта алдырбайлы!
Күнүбүз таза маанай берсин!
Баарыбызга бакыт-таалай келсин!
Оомийин!

* * *

Жакшы ойлор жан дүйнөгө дем болсун!
Жалгыздыкты унуткарган эл болсун!

Эл арасында, көч карасында ден соолукта бар бололу!

Өткөндөрдү даңктап, тирүүлөрдү барктап, агыны күч дайрадай шар бололу!

Жан байлык, ден байлык, мал байлык – үчөө тең бөксөрбөгөн бай бололу!

Өткөн күндүн тарыхы бололу! Келер күндүн үмүтү, учур чактын жарыгы бололу!

Ой жакшысы орундалсын, оомийин деп коёлу!

Оомийин!

* * *

Ар күнү амандык болсо, тагдырыбызга таң белек! Бул бактыбызды, бул керемет белекти туура кабыл алып, сүйүп, татыктуу пайдаланалы!

Онтогон оорудан сак бололу!

Кайгы, касырет, кырсыктан алыс бололу!

Жан дүйнөнүн жарасынан алыс бололу!

Жалганчынын жалаасынан алыс бололу!

Жан кейиткен балаасынан алыс бололу!
Кас-душмандын табасынан алыс бололу!

Ден соолук бекем болуп, сергектик, тазалык, кубаттуулук болсун!

Ар-намыс бекем болуп, абийир, ынсап, уяттуулук болсун!

Таң маанай – шаң маанай болсун!

КУТМАН ТАҢ!

* * *

Менин дилимден чыккан жылуу каалоо-тилегим дагы бир жүрөктү жылыта алса, анда мен кубанам.

Жан дүйнөнүн байлыгын –
Бийик туткан эл элек...
Жакшы адамдар бар үчүн –
Жарык дүйнө керемет!

Көкүрөгүбүзгө ар-намыс, калыстык, мээрим уюсун! Жан дүйнөбүз жакырланбасын!

КУТМАН ТАҢ!

* * *

Ар бир таңда «Мен Кыргызмын! Манастын урпагымын!» деген улуу сыймыктануу менен ойгонуу – тереңден түшүнсөк эмне деген бийик бакыт! Ушул улуу урматка таазим этип, бул аманат өмүрдү ар бирибиз татыктуу жашасак кандай жакшы!

Биз ишенген замандаштарыбыздын, биз ишенген жакындарыбыздын бизге болгон ишенимин актайлычы! Балким ошондо бардык кырдаал оңго бурулуп, бактыбызга карай ак жол ачылар!

КУТМАН ТАҢ!

* * *

Бөксөрбөгөн толо, кир чалбаган таза, чаалыкпаган күчтүү энергия каалайм!

Элибизде пейил, жерибизде береке болуп, жан соолук, ден соолук бирдей чың болуп, мамлекетибиз кубаттуу, тың болуп, көтөрүлүп өсөлү. Жаркын максаттарга жетели!

Жараткан жар болсун!
Куттуу таң болсун!

* * *

Элде тынчтык болуп, ак тилектүү ар бирибизди Кыдыр жылоолосун!
Ак тилектер аруу таңга жарашсын!
Эл ичине кут, береке таратсын!
Бул өмүрдү жаркырата жашайлы,
Кубанычта нечен бейпил таң атсын!

* * *

Элде пейил менен ынтымак болсун!
Жерде береке менен бейпилдик болсун!
Көңүлдө тынчтык менен кубаныч болсун!
Акылда сергектик менен зиректик болсун!
Үйдө кут менен ырыс болсун!
Иште ийгилик менен береке болсун!
Келечекте Өлкөбүз бакубат турмушта болуп, ЧЫНЫГЫ ЭРКИНДИК менен дүйнөлүк бийик аброй орносун!
КУТМАН ТАҢ!

* * *

«Бир эле күн» деген менен баары бар ичинде... Ошол ичиндегилердин жакшысы арбын болсун! Деги эле баары жакшы болсун! Ал үчүн өзүбүз жардам берели! Эгер күнүбүздүн жакшы болушуна биз жардам берсек, АНЫ ЖАРАТКАН, болуп жаткан БОЛМУШ канчалык эсе колдойт, жакшыртат! Мен ага ишенем...

КУТМАН ТАҢ!

* * *

Бул аманат өмүрдү көркүнө келтирип, маани-маңызын арттырып турган жакшы адамдар бар болушсун!

Ар бир аткан таңды эл-журт менен эсенчиликте тосконду буйрусун.

Көңүлүбүздү кир чалбасын!
Иштерибизди ийгилик жандасын!
Жакшы тилектер орундалып,
Жараткан өзү жалгасын!
Оомийин!

* * *

Куттуу таң болсун!

Жаркын маанай, жигердүү дем, чың ден соолук болсун. Сергектик коштоп, Жараткан колдоп, Кыдыр жылоолосун! Жашообузга жандооч кылып, Жакшылык ыроолосун!

* * *

Ар бир аткан таң менен арбын ырыскы келсин! Чың ден соолукта бололу! Жакшы маанай күн бою коштоп жүрсүн!

Улуу Жараткан:
Каруубузга күч берсин!
Каалаган тилек бүт келсин!
Кеменгер баш, кең пейил берсин!
Кемитпей кеңир берсин!
Жакшы ниет, көңүл каалайм!
Жараткан жалгасын деп,
Жаркын жашоо – өмүр каалайм!
Аксакалдар сыйга марысын!
Акындар ырга марысын!
Улуулар урматка татысын!

Кичүүлөр ызаатка татысын!

Жерге береке, элге ынтымак каалайм!

Бири-бирибизди алкап, ак тилек айткан таңдарыбыз арбын болсун!

Оомийин!

* * *

Терс ойлордун бардыгы өткөн түн менен сүрүлсүн! Аруу тилек, жакшы ойлор аткан таң менен бир келсин! Амандыкты сурашып, жүрөгүбүз сүйүнсүн! Денибиз сак болсун! Ниетибиз ак болсун! Элде тынчтык, жерде береке болсун! Улуулардын ишеничин актайлы! Урпактарга аманатты сактайлы! Жараткан бизге дем берсин, кайрат, кубат, шаа берсин!

КУТМАН ТАҢ!

* * *

Жашай билген адамга – бир күн дагы кыйла өмүр! Анте албасак, жүз жыл дагы аз окшобойбу... Буйруса, дагы бир күн жаңырды!..

Ушул таңдын келиши менен жемиши болсун!

Ийгилик менен жеңиши болсун!
Жанды жан кылган жакшы көңүл:
Көңүлүбүз оорубасын!
Көйгөй күчөп тоорубасын!
Чырпыгыбыз чынар болсун!
Чымчыгыбыз улар болсун!
Кыздарыбыз кымбат болуп,
Уулдарыбыз чыгаан болсун!
Кылымдарга из салалы,
КЫРГЫЗ деген ураан болсун!
КУТМАН ТАҢ!

* * *

Керемет Мекенибизде кыштын дагы бир таңы атып келе жатат. Өмүрдүн ар бир мүнөтү – мүмкүнчүлүк. Ден соолук бекем болуп, ушул мүмкүнчүлүктөрдү Ата журтка арнай алсак кандай жакшы...

КУТМАН ТАҢ!

* * *

Бири-бирибизге ыроологон жакшы сөз, таза ниеттен багышталган ак тилектерибиз ортолукту мээримге толтурсун!

Куунак, сергек, жайдары маанай, таза пейил, таасын жол буйрусун Жараткан!

Куттуу таң!

* * *

Адам өзүнүн кылып жаткан ишин, ар бир мүнөтүн, саатын, күнүн Улуу Жараткандын чексиз энергиясына жалгап кошуу, тапшыруу бардык болмушту түшүнүп, сүйүп кароодон башталарын туйганым бар.

КУТМАН ТАҢ!

* * *

Жакшылыктар жаандай жаасын!
Тилектер жалындасын!
Тилибиз чалынбасын!
Маанайлар жаркырасын!
Көңүлдөр куунак болсун!
Көйгөйлөр ыраак болсун!
КУТМАН ТАҢ!

* * *

Таң менен бирге агарып,
Жан дүйнө турсун тазарып.

Жайдын бул алгач күнүндө,
Жан дилден каалоо жазалык.
Келечек жакшы күндөргө,
Келгиле бирге баралык!
КУТМАН ТАҢ!

* * *

Ажайып таң! Таңдын жарчылары чымчыктар окшойт... Булар эч бир убакыттарынан кечигишпейт экен.

Куттуу таңда кубанычтын шооласына чайыналы!

Ар учур өз таттуулугун, ырайымын, аалам молчулугун ыроолосун!

КУТМАН ТАҢ!

* * *

Эч жерден табылбаган чыныгы убакыт, чыныгы өмүр – азыр ушул жерде! Ушул улуу жана зор кудурет менен чыгып келе жаткан Күн, кыймылга келген бардык аалам, ирмемден ирмемге уланган жашоо – азыр ушул мүнөттөрдө гана

чындап биз аркылуу өтүп жатканын аңдайлы!

Бизге учурдун жашоосун эртеңки күндөр үчүн курмандык кылып жашоо кажет эмес. Биз негизги өмүрдү эртеңдерге жылдыра бергенибиз жана кечээкинин көлөкөсүнөн чыгалбаганыбыз үчүн учурдун кереметин көрбөйбүз.

Чыгышты нурга бөлөгөн КҮН – жүрөгүбүздү ырга бөлөсүн!

КУТМАН ТАҢ!

* * *

Көзүбүз эңсеген чыныгы сулуулуктарды көрсүн!

Кулагыбыз ак бата, алкыштар менен керемет аваздарды эшитсин!

Дилибиз бакытка балкысын!

Тилибизди жалган сөз менен жаман сөздөн Жараткан коргоп турса экен!

Он эки мүчөбүздүн соолугун Жараткан өзү камсыздасын!

Жаныбыз-денибиз жакшылык этүүгө арналып, улуу максаттардан ирмемге да тайбайлы!

Таң менен таза ойлор ойгонсун!

Оомийин!

* * *

«Аптанын башы дүйшөмбү»
– деген сөздүн күчү эмдүү.
Кут даарыган ушул таң,
Кубандырсын бүт элди!
Аткан таң – бул: амандык!
Ары кетсин жамандык!
Жараткан жалгасын!

* * *

Биздин руханиятыбызга азык болгон эң биринчи нерсе – таза ниет, жакшы ой. Бул экөө биригип тилек болот экен. Тилек – тирек болот экен. Ошонун баары толуп турган жай – жүрөк болот экен.

Жүрөгүбүз жарык болсун! Багытыбыз адашпай анык болсун! Бириндеп сөгүлбөйлү! Бир болуп, бөлүнбөйлү!

Оомийин!

* * *

Таңыбыз таттуу кыял, жакшы ой, сергек акыл, бекем эрктин башаты болсун!

Өмүрүбүздүн мүнөтү сайын мүмкүнчүлүк, ирмеми сайын ийгиликке жол берилип жатканын туялы!

Ийгиликтин эң жакшыларынын бири – турмуш сабактарынан жаңы нерсени таанып үйрөнүү экенин эстен чыгарбайлы! Жараткан жалгасын!

КУТМАН ТАҢ!

* * *

Жаздын атыр жыттуу таңы менен бирге ак тилектүү ар үйгө кут түшсүн!

Жаратылыш жадыбызга ширелсин!

Жараткан жакшылыгын жиберсин!

Көздөгөн максат улук болсун!

Көкүрөк сезим тунук болсун!

Айдан аман, жылдан эсен жашообузга жана жан дүйнөбүздүн жаркын болушуна ушул күн жол ачсын!

Тилектерибизди Кудурет кабыл кылсын!

* * *

Эсенчиликте аткан бул таңды эч бир кымбат нерсеге сатып алууга мүмкүн эмес эле!...

Бизге эшик ачып, кучак жайган ар мүнөт менен таттуу мамиледе болууга үйрөнүүдөн өткөн окуу жок.

Жашоо – эң сонун музыка. Эң бир керемет аваздардын гармониясы.

Жашоо – теңдиктин ритмизациясын түзгөн оркестр.

Чындыгында жашоодо эч бир фальшь жок, а фальшь издегендер гана бар.

Ким жашоодон кемчилик издеп, өз турмушуна наразы болсо, демек ал эчак эле айыккан жараты менен дагы эле жашап жатат.

Жашоону токтоп калып, балыр баскан көлчүккө айландыруу жарабайт. Жашоо – агып жаткан мөлтүр кашка суу.

Аккан Суу...

Кыргыз: «Аккан сууда арам жок», – дейт. Демек, жашообуз агып жатса, андан кир издөөгө эч кандай негиз жок.

Жашоо – мүмкүнчүлүк!

Кутман таң!

* * *

Тилектер таңдай ак болсун!
Ал тилектер бак болсун!
Кайгы кетсин! Шат болсун!
Элге пейил, жерге береке берсин!
Жазыбыз жадырасын!
Мамлекетибиз тынчтыкта гүлдөп өссүн!
Бар бололу!
Жан дүйнөбүз жакырланбасын!
Жайытыбыз такырланбасын!
Оомийин!

* * *

Наристе жыттуу жаздын таңы – жакшы маанайга өбөлгө болсун!

Жан дүйнөнүн эң жакшы байлыгынын негизи – жакшы маанай го!

Жараткан жар болуп, жан-денибиз соолукта, аткан таңыбыздын аруу кубаты күн бою кубаныч, жигер, сабырдуулук берсин!

Оомийин!

* * *

Элден пейил кетпесин!
Жерден береке кетпесин!
Элде ынтымак болсун!
Жерде тынчтык болсун!
Аманчылыкта аткан таңга урмат кылалы!
Асырап баккан Ата журтка кызмат кылалы!
Жаратканга жакындайлы!
Жамандыкка басылбайлы!
Былыктардан сак бололу,
Бытырап кыргыз чачылбайлы!
Жараткан колдо!

* * *

Башатыбызга көз чаптырсак, кыргыз эли – айкөлдүгү менен ааламды ичине батырган алпейим эл.

Тар дүйнө Кыргыздын ичине киргенде кең дүйнөгө айланган.

Демек,

Пейилибиз тарыбасын,

Жакшылык берилесин!

Жамандык арыласын!

Көкүрөк зилдебесин!

Көңүлүбүз кирдебесин!

Жалтаңдык менен жалкоолукту таштагандан бололу!

ЖАРЫК ЖОЛДУН кадамын баштагандан бололу!

Куру намыстын ордуна АРУУ НАМЫСТЫ коёлу!

УЛУТ КӨЧҮНӨ кошулуп, РУХ КҮЧҮНӨ тололу!

Бири-бирибиз менен болгон ишенимдүү бекем алакабыз – ак тилектеш коомдун ынтымагын чыңдап, эл-жерибизге кут чакырарынан шегим жок.

Өзүбүзгө каалаган жакшылыктарды өзгөлөргө да ыроолой алууну үйрөнүү –

адамдык парасатыбыздын гүлдөшүнөн кабар берет. Жараткан ушул таң менен бирге элге, жерге, сизге, бизге кут алып келсин!

* * *

Улуу жолду урпакка улап келген, уугун учтап түндүккө кынап келген, келкели келгенде келберсип кетпей, кейиш тартса чыдап келген, аруу дүйнөсү башаттын бал булагындай таза кыргыз калкынын жараны болуштун өзү – ар бирибиз үчүн сыймык!

Кыйла жакшы кымбат жерлер бар, бирок КЫРГЫЗСТАНда аткан таң бөтөнчө ажайып: алгач көк тиреген көк жалтаң мөңгүлүү чокуларды өпкөн таң нуру бир аздан соң биздин жүзүбүздү сылайт. Ата-энесинин алаканындай мээримдүү жер бизди алаканына салып асырап жатат. Анын баасы чексиз!

Көздүн эң кичинекей карeги чексиз ааламды көрүп тургандай, биздин карек-

тей кичинекей, бирок каректей курч өлкөбүз көп нерсени келечекте адашпай көрө билерине ишенем!

Таң сайын тилеген жакшы тилектерибиз кабыл болсун!

КУТМАН ТАҢ!

* * *

Ушул күн башы аптанын,
Ууз тилек болсун айтканым:
Жаз жарышынан өтүп,
Жакшылыкка көчүп,
Кылымдык иштин мерчеми келсин!
Кыргыздын келкели келсин!
Керегебиз кең болсун!
Түндүгүбүз бийик болсун!
Түркүгүбүз бекем болсун!
Ар үй-бүлө жакшылыкта эсен болсун!
Бар болсун Асыл Жан!
Жар болсун Жараткан.
Баарыбызга Кутман таң!

* * *

Пейилибиздин актыгы –
Ак нурдай болсун таңдагы.
Арналып таза ниеттен,
Айтылсын сөздүн каймагы.
Ар качан кубат берсе дейм,
Айкөл Манас арбагы!
Көңкү кыргыз журтунун,
Көтөрүлсүн байрагы!
Оомийин!

* * *

Таңдарды тосуу – бул: өмүр!
Таалайдын, бактын ачкычы.
Жарашкан көңүл, жакшы сөз –
Жан дүйнөбүздүн сакчысы.
Тилектер таттуу, ой таза,
Тирүүлүк – адам бактысы.
Эртең да эмес, кечээ эмес,
Ушул күн – күндөр жакшысы!

* * *

Урматтуу бала барчындарым!

Улуу максатка карай умтулган жолубузда бизге:

Талыбас кубат,
Кажыбас кайрат,
Бекем эрк,
Сергек акыл,
Таза пейил,
Чың ден соолук,
Тың турмуш,
Терең билим,
Кенен чабыт,
Баатыр жүрөк берсин ЖАРАТКАН!
КУТМАН ТАҢ!

* * *

Дилибизде жарык ой болсун!
Тилибизде жакшы сөз болсун!
Алдыбызда туура жол болсун!
Элге тынчтык, бакубат турмуш келсин!
Ар бирибизге чың ден соолук, ырыс берсин ЖАРАТКАН!
КУТМАН ТАҢ!

* * *

Куттуу таң бактылуу күн, жакшы ой, таза ниет, туура таасир, аруулукка жол болсун! Жан дүйнөдө кубаныч мол болсун!

Касыреттен сактап, кадыр берсин!
Капага алдырбас сабыр берсин!
Уңгулуу журтка кубат берсин!
Улууларга урмат берсин!
Кичүүлөргө ызаат берсин!
Өлкөбүзгө өсүү берсин!
Өткөөлү жеңил кечүү берсин!

Эл менен бирге эсен болуп, ынтымак, достук бекем болуп, айдан аман чыгып, жылдан бүтүн чыгып, күн узатып – кеч тосуп, түн узатып – таң тосуп, тынчтыкта бакубат турмуш кечирели!

* * *

Кечээки күнүбүздө кандайдыр бир зыяндуу же жагымсыз кырдаалдар болгон болсо, аткан таңдын ак шооласы аны түн менен кошо сүрүп кетирип турат. Демек, биздин жаныбызда да, денибизде да анын кымындай изи калбашы керек.

Бул күн – жаңы күн!
Күн менен бирге нурданалы!
Күү менен бирге ыргалалы!

Таң менен бирге таң болуп,
Таалай-бакты, шаң болуп,
Денибизге дем толсун.
Жаныбызга нур толсун.
Албарстай өткүр миздүү бололу!
Ал-кубаттуу, күчтүү бололу!
КУТМАН ТАҢ!

* * *

Жараткан жакшыдан адаштырбасын!
Жаманга жанаштырбасын!
Ак таңдай ачык маанай каалайм!
Арбын бакыт-таалай каалайм!
Изги тилектерибиз ишке ашсын!
Илгерилеп өсөлү!
Иши арбын жолдордон, илкибей
ыкчам өтөлү!
КУТМАН ТАҢ!

* * *

Жараткан жар болсун!
Пирлерибиз медет болсун!
Каалап кылган ишибиз
Кара башка калаба салбай,

Калкка керек болсун!
Тагдырдан көргөн сыноолор –
Таалай-багыбызга себеп болсун!

Теребелге аткан таң – Теңирден келген белек болсун!

Жаратканга жакындап, жакшы ниет менен орозо туткандардын орозосу кабыл болсун!

* * *

Бүгүнкү эмгек майрамы менен чын жүрөктөн куттуктайм!
Силерсиңер – шаттык өмүр илеби!
Силерсиңер – өлкөбүздүн жигери!
Бул өмүрдү майрам кылчу өзүңөр,
Силерсиңер – атаңардын тиреги!
Кутман таң, АЛТЫНДАРЫМ!

* * *

Жаздын ажайып таңы жамалы менен жан дүйнөгө дем берсин! Кемчили жок кең берсин! Телегейин тең берсин!

Жашообуздун дагы бир жакшы күнүнө шүгүр этели. Ар бир күндүн өз максатына жетели!

* * *

Кыргызды кымбат конушунан
ажыратпасын!
Кыялды терметкен комузунан
ажыратпасын!
Нур төгүлгөн жанынан ажыратпасын!
Ыр төгүлгөн шаңынан ажыратпасын!
Айкөл баштаган арбагынан бөлбөсүн!
Акыл-эс, дөөлөт, ардагынан бөлбөсүн!
Жалган сөздөр кулактан алыс болуп,
Жаман жосундарды көзүбүз
көрбөсүн!
КУТМАН ТАҢ!

* * *

Таң менен шаң келсин!
Караңгылык сүрүлсүн!
Жарыкчылык нурдансын!
Көңүлдөр көкөлөсүн!
Кубаныч кут чакырсын!

Эл менен бирге эсендик каалайм!
Ден соолукка бекемдик каалайм!
Ынтымак, ырыс орносун!
Ырксыздык, ыпыластык болбосун!
Жашообузга бакыт орносун!
Жараткан өзү колдосун!

* * *

Табият тазалыгынан тайбасын!
Адамды пейилинен албасын!
Жан дүйнөбүз жарык чачып,
Жараткан жакшылыгын жалгасын!

Кыргыздын эң жакшы тилектеринин бири: «Эл битиребесин, жер титиребесин» деген аруу батасы!

Аткан таңды таза көңүл, кең пейил, кубаныч менен күтүп алалы!

* * *

Өмүрдүн ар бир кымбат сааттарын тирүүлүктөгү ар кимибиз жашап жатабыз.

Эң чоң байлык – көңүл байлыгы экен. Ага ээ боло алабызбы?

Өмүрдү көркүнө чыгарган – көңүл. Ансыз өмүр жөн гана убакыттардын бирдиги окшойт. Кубаныч – бардык асылдыкка болгон сүйүүнүн туундусу. Куттуу күндүн башталышы болгон аруу таң КУБАНЫЧТЫ карай жол ачсын!

* * *

Биздин керемет, эң кымбат, эң таттуу күндөрүбүз – элибиздин эртеңине, урпактардын уланышына, улуулардын мурасына арналып жашаган күндөрүбүз.

Айкөлүбүз баштаган ата-бабанын алдындагы карызыбызды актоого болгон ар бир аракетибизден чыккан жакшы майнап, жакшы натыйжаны жаныбыз менен сезип, денибиз менен туюп, көзүбүз менен көрүп, кулагыбыз менен уккандан артык кандай ырахат бар?!

Менин ал бактыга жетүүдө сиздерге жана өзүмө болгон үмүт, ишенимим зор!

БАР БОЛГУЛА, БАКТЫЛУУ ТИЛЕКТЕШТЕРИМ!

* * *

Элибиз – Айкөлдүн эли! Жерибиз – Айкөлдүн жери!

Экөө эки ийнибизде турган ыйык милдет экенин ар бир саатта сезип турган кыргыз бололу!

Кубаныч берген ойлор болсун!
Курчалган тоолор коргон болсун!
Эл-жер деген чоңдор болсун!
Эртеңибизди ойлоор болсун!
Ар үйдө ак бата айтылып,
Ак тилектүү тойлор болсун!
Максатыбыз бийик болсун!
Маанилүү уулдар жигит болсун!
Жамалыбыз жайдай болсун!
Жарыгыбыз таңдай болсун!
Берекебиз мол болсун!
Пейилибиз кең болсун!
Телегейибиз тең болсун!
Жардыбыз байга жетсин!
Байыбыз Айга жетсин!
Жерибиз кетилбесин!

Элибиз эзилбесин!
Эл башылар эсирбесин!
Коңшу менен чырдашпайлы!
Саткын менен сырдашпайлы!
Улууга өбөк бололу!
Урпакка жөлөк бололу!
Жакшылыкка жакын болуп,
Жамандыкка бөгөт бололу!
Кубанычтуу күн каалайм!

* * *

Бардык жаратылыш (нерсе, зат) бири-биринен өйдө же бири-биринен төмөн эмес экенин сездим. Тескерисинче бардыгы бир теңдикке умтулган бүтүн организм. Жашоо механизминде эч кандай керексиз бир да тетик жок. Биз негизги деп санаган кыймылдаткыч эң кичинекей жана жөнөкөй бурамаларсыз иштебесин билебиз. Ал эми адамзаттын жашоосу буга салыштырмалуу кыйла керемет, феноменалдуу жана өзгөчө бири-бирин толуктап турган уникалдуу табиятка ээ.

Ооба, дал ушундай! Анда неге биз көп нерсени жашоодо өз ордунда түшүнүү менен кабыл алып, сүйүп карабастан, кайра жерип, жек көрүп түртүп салууга ашыгабыз?

Чымчыктар сайрап жатат. Жылдыздуу кечтер... жамгыр жаап, шамал согуп, суулар агып жатат... Ар кыл мүнөзгө ээ болгон ар түркүн коом, эл, түркүн кыялдагы адамдар, кечээкиден башка жаңы турмуш... Кооз, көркөм...

Дүйнөдө жашоо жүрүп жатат. Ушунун баары – биз аркылуу өтүп жаткан жашоо энергиясы! Чексиз белек! Болбосо, орусча айтканда, «божественный дар».

Бүгүнкү күн жүрөгүбүздү чыныгы сүйүүгө толтурсун!

* * *

Түшүнгөн жанга бул керемет дүйнөдө эч нерсе бизден тартылып алынбасын, жалаң гана тартууланарын, берилерин байкадым. Эне сүтүнөн баштап, эмдигилерге

чейин берип гана келе жатат. Жашоо – соолубаган башат. Биз эч нерсе берген жокпуз, алып кана жатабыз. Ал үчүн Кудуретке шүгүр! Шүгүр! Жана да шүгүр!

Биз ушуну түшүнүүбүз гана керек.

Башыбызда ыреттүүлүк, жүрөгүбүздө тынчтык орносун!

Дагы бир таңды берди. Сый кабыл алалы!

Шаттуу маанай каалайм!

* * *

Биздин эң зор аракет – кир дүйнөдөн пир дүйнөгө умтулуу, бардык бөлчөктөрү аруу, ак – бир дүйнөгө умтулуу! Аны сезүү – ырахат!

Биздин жан дүйнөдө Орошон Кудуреттин мейкиндиги бар экенин туялы!

Жаман сөзгө кулак жапырып,<br>
Жакшысын ылгап угалы!<br>
Ак тилек менен батаны,<br>
Ак ниет менен суналы!

Арбагы улук Шер Манас –
Ак калпак элдин урааны!
Баталуу Кыргыз элинин,
Бар болсун ар бир чыгааны!
Көңүлдөр таза болгондо,
Көрктөнөт таңдын ыраңы...
Сулуу таң! Улуу таң!
Кудурет Кут берсин!

* * *

Өмүрдүн ар бир көз ирмеми биринчи жана акыркы экенин билсек да, сезе албайбыз. Өмүрдүн ар бир көз ирмемин толук жашай билбейбиз. Бардык болмуш – кайталангыс, сулуу, маанилүү экендиги менен Жараткан Теңирдин куттуу кудуретин чагылдырган керемет кубатка ээ...

«Бирдики – миңге, миңдики – түмөнгө» деген улуу түшүнүк менен камтылган кыргыз руху улуттун шаасын көтөрүп турат.

Кырк чилтени колдогон, кырк чоросу коштогон, кара чаар кабылан, каптагында чамынган, чолок көк жал арыстан,

жандай салып камынган, үстүндө алпкаракуш арбайган Айкөлдүн арбайына арууланып келген кыргыздын жан дүйнөлүк жарыгы ар бир таң менен жуурулушуп келип турсун!

Жакшы ниетибизди иш-аракетке (ишааратка) бурсун!

Иш-аракет руханиятты сунсун!

Агылган кудуреттин кубаты, Аруу-Актан арууланып тунсун!

Жакшыга жакын, жамандан алыс кылсын!

Абийирибизди акыйкат, калыс кылсын!

Денибизди шүгүр менен ток кылсын!

Жаныбызды кирге кас кылсын! Пирге дос кылсын!

Улук-Аалам, Тунук-Аалам чексиз ырайымдын ырахатын сездирсин!

* * *

Жашоо – улуу жана жоопкерчиликтүү, акыл жеткис бир көч сыяктуу. Биз – көчмөнбүз. Бир акыбалдан дагы бир акы-

балга тынымсыз көчүп жүрүп олтурабыз. Ал ар бир ирмем үчүн өлүп, ар бир ирмем үчүн туулгандай нерсе. Жан менен дендин ортосундагы ар бир амал-аракеттерди ниетибиз менен кайсы бир багыттарга буруп, кайсы бир нерселерге жөнөтүп, кайсы бир нерселер үчүн жумшап жүрүп олтурган көчмөнбүз.

Чексиздиктен чыгып, чексиздикке кошула турган өмүр кыймылыбыз, көңүл күүсүбүз. Тек гана муну түшүнүү жана өмүр көчүн асылдандыруучу руханиятка жүрөгүбүздү ачуу абзел экенин сездим. Ак таңдагы ак тилегим: жүрөккө асылдык толуп, жан дүйнө жарык болсун!

КУТМАН ТАҢ!

* * *

Татынакай таңда таттуу тилектердин тазасын тартуууласын Теңир!

Биз эң жакшы, эң кубаттуу мүмкүнчүлүктөргө бай өмүрдү жашап жатканыбызды сезип-туюп, аңдап-баалай билүүгө Жараткан жар болсун!

Жаныбыз аруу руханиятка толуп, денибиз сак-саламатта болсун!

Биз аркылуу ирмемден-ирмемге өтүп жаткан жашоонун кудуреттүү кубатынан (энергиясынан) пайдалануу түшүнүгүн берсин Кудай!

Биз экинчи бир бурадарыбызга тартуулаган кубанычтан өзүбүз кубана алсак, ага алкыш этели. Жакшы ариетибизден чачкан шоолабыздын жамалы жаркырап, өзүбүзгө эселеп кайтып жатканын сезүү ырахатын берсин!

* * *

Бейпил түн,
Касиеттүү түш!
Күн күбүртүнөн,
Түн дүбүртүнөн сактасын.

Улуу Жараткан эртеңки жарыкчылыкты жакшы маанайда тосууну буйрук кылсын!

Омийин!

* * *

Жашоонун музыкасы биз ойгонгон таңдан башталат. Демек, бул күндү жеңил, жагымдуу бийдей жашоого болот.

Көпчүлүк учурда биз түрдүү коркунучтар менен коопtонуулардy көтөрүп жүргөнүбүздү байкадым. Баарынан таң калыштуусу: анын көбү эртең болуучу коркунучтар менен коопtонуулар. Эртең деген – бул: белгисиздик экенин түшүнөбүз. Анда эртеңдерге толук ишенүүгө жана эртеңдерден коркууга негиз барбы? Албетте жок дегим келет. Демек аларды биз өзүбүз жаратып жатканыбыз тууралуу ойлонбойбуз.

Бул таңда кубаныч жаратaлы!

Кутман таң!

* * *

Биздин акыл көбүнчө өткөн чакты гана тааныйт. Кыялыбыз бизде болуп көрбөгөндөрдү эңсейт. Ушул эки жетиш-

пестик – бизге учурду (азырды) көрүүбүзгө, сезүүбүзгө, баалообузга, учурду туура жашообузга, учурду туура кабыл алуубузга, учурда туура чечим чыгарууга тоскоол болот. Мен жөнөкөй саналуу гана суроолорго кабылганда бир нерсеге көзүм жеткенин байкаганым бар:

1. Бүгүнкү күнүң жакшыбы, жакшы болсо, эмнеси менен жакшы?

2. Бүгүнкү күнүң жаманбы, жаман болсо, эмнеси менен жаман?

3. Эртеңки күнүң жакшы болушун каалайсыңбы, кааласаң, эмнеси менен жакшы болушун каалайсың?

Ушул так жана жөнөкөй үч суроого шашпай түшүнүктүү жоопторуңузду бир дептерге күндө жазыңыз. Күндө окуп туруңуз. Анан бир күнү жакшы бүтүмгө келесиз, майнаптуу чечим чыгарасыз...

* * *

Ак батасын көп алып элдин гана,
Не тилесең өмүрдө берсин сага.

Бакыт, шаттык, кубаныч, ийгиликтер –
Ар бир аткан таң менен келсин сага!
КУТМАН ТАҢ!

* * *

СОҢКУ КЕЗДЕГИ БИЗДИН ЖАШООДОГУ ЧЫНДЫКТАР:

Имараттарыбыз бийиктеген сайын, сабырыбыз төмөндөп баратат;

Жолдорубуз кеңейген сайын, көз караштарыбыз тарып баратат;

Көп коротобуз, көптү сатып алабыз, бирок коротконубузга наразыбыз, сатып алганыбызга кубанбайбыз;

Чоң үйлөрдү салабыз, а анда жашагандар аз; чоң үйлөр салынган сайын чоң үй-бүлөлөр азайып баратат;

Жашоону ыңгайлоо менен убарабыз. Ал ыңгайлашкан сайын, убакыт да эч нерсеге жетпес болду;

Билимдин күчтүүсүн алабыз, бирок акылыбыз аз иштейт;

Билермандарыбыз көп: андан көйгөйлөрүбүз азайып калган жок;

Медицина өнүккөн сайын, ден соолугубуз начарлап баратат;

Юмор көп, бирок жылмайган адам аз;

Дааватчылар, молдолор көбөйдү, бирок адепсиздик андан да көбөйүп, ыйман, пейил жок;

Көп уктайбыз, бирок эс албайбыз;

Унааларыбыз тез жүрөт, бирок туугандарга такыр жетпейбиз;

Билимге умтулабыз, бирок баалуулуктарды жоготтук;

Көп сүйлөйбүз, бирок түшүндүрө албайбыз;

Сүйүүнү көп сүйлөйбүз, бирок көп жек көрөбүз;

Туура жолду билебиз, бирок кыйналып жашайбыз;

Өмүргө жылдар кошула берет, бирок ал жылдардын жаны жок, өлүк денедей, агып кете берет;

Космос жөнүндө адашпай сүйлөп бере алабыз. Бирок бир адам менен он жолу телефондошуп, араң табышабыз;

Чоң иштерди сүйлөйбүз, кичине иштерди кыла албайбыз;

Жаратылыштын экологиясы деп кыйкырабыз, жаныбыздын экологиясына кам көрбөйбүз;

Көптү пландайбыз, азга жетебиз;

Шашканды үйрөндүк, бирок күткөндү унуттук;

Интернетте досторубуз көп, жашоодо эч кимибиз жок;

Мына ушундай...

МҮМКҮН, УШУЛ ТАҢДАН БАШТАП, ӨЗҮБҮЗДҮ КАЙРА КАРАШТЫРЫП КӨРӨРБҮЗ!

КУТМАН ТАҢ!

* * *

Бизде эки көз бар. Бир көзүбүз асман-жердин бетин бербей толуп турган жаман-

дык менен азапты көрөт. Бир көзүбүз асман-жердин бетин бербей толуп турган жакшылык менен бакытты көрөт. Кайсы көз менен кароо – биздин тандообузда.

Бейпил түн!

Таттуу уйку – сергек ойгонууга себеп болсун!

* * *

Урмат менен сый болсо,
Бар кадыры эмеспи?!
Улуу Арбактар колдосо,
Жан кадыры эмеспи?!
«Уйкудан таттуу өмүр бар»,
Таң кадыры эмеспи?!

Кубанычтын башаты –
Кутман таңды тосолу!
Кулк-мүнөздү оңдосок,
Кудуретке болжосок,
Кудай берет ошону!

* * *

Жакшы адамдын күлкүсү да үлгү, уйкусу да үлгү!

Түн кереметин берип, түшүбүз оңолсун!
Таң кереметин берип, ишибиз оңолсун!
Экөөнү тең каалайм!
Бейпил түн!

* * *

Оо, жамалы жаркыган жарык дүйнө! Мындай керемет, чексиз белекти кабыл алуудан өткөн бакытты кайдан издеп жаңылабыз?!

Ушундай таңдардын көбүн көрдүк эле, эми дагы бирин тосуп алып турабыз. Жаратканга сансыз алкыш!

Таңыбыз кут болсун!

* * *

Мен бир ырахмат айткан жакындарыма Жараткан миң алкышын ыроолосун!

Ырахмат!

Аткан таң чексиз кубанычтуу күндү тартуу этсин!

* * *

Эч бир нерсе токтогон жок! Кайталангыс, эң бир көркөм, бардыгы тең салмак-

туулукту түзгөн шайма-шай жашоо тынымсыз агып жатат. Ирмемден ирмемге көчкөн кайталангыс өмүр өтүп жатат. Балким биз гана токтоп турабыз.

Ооба. Биз токтоп турабыз. Эгер токтоп турган болсок, ал – биз эмес. Ал жөн гана бизди камап алган бир караңгы там.

Бизге таң керек!

КУТМАН ТАН!

* * *

Соңку мезгилдерде күн тез өтүп, анан да убакыт кыскарып бараткандай сезилгенин ар бир экинчи кишиден угуп, балким өзүбүз да ошондой акыбалда жүрөбүз.

Биз канчалык руханий дүйнөдөн алыстап, ал эми материалдык дүйнөгө жакындаганда жогорудагыдай акыбал болорун байкадым. Көптөгөн чыныгы даанышмандардын бүтүмүндө:

ЖАН ДҮЙНӨДӨ тынчтык, шүгүрчүлүк, кайраттуулук;

ДЕН ДҮЙНӨДӨ калдастоо, ач көздүк, шашмалык болорун эскертишет.

Кудурет ушул күнү руханий чексиз азык берип, сабырдуулук менен жыргалчылыкка жол ачсын!

Кутман таң!

* * *

Биздин көз көрүп турган мобул дүйнө аманат экенин билебиз. Бирок аманат жалган деп гана кайдыгер карап койбой, бул дүйнөнү да сыйлоонун өз маданияты бар экен го.

Аманатта керемет табият бар. Анан да эң жакшы көргөн жакындарыбыз бар. Замандаштарыбыз бар.

Башка кызмат кылып бере албасак да, бири-бирибизге жакшы тилек каалап, жылуу сөз айтууга мүмкүнчүлүк болуп жатканына шүгүр, шүгүр, шүгүр! Маанайыбызды жарык кылып, жүрөгүбүздө улуу сүйүү болушун насип этсин!

* * *

Аздектей алсак өмүрдү,
Ар күнүң өтөр көңүлдүү.
Баркташың үчүн башканы –
Баалашың керек өзүңдү...

Түн тарайт, асман агарат,
Тосолу Күндү саламат!
Агарып аткан таң менен
ар бир күн бизге – аманат!

* * *

Күндөлүгүбүздө жакшы нерселер болсо, ал – кут болуп уюп, бак-дөөлөт болуп байырласын.

Кыйынчылыктар болуп калса, ал – бизди чыңаган, чыйралткан, курчуткан кайрак болсун.

«Сабырдын түбү – сары алтын» деген макалы бар элдин кишиси болуу кандай гана кубаныч!

Аптанын алгачкы таңы арбын ийгиликке жол ачкан күн болсун!

КУТМАН ТАҢ!

* * *

Жакшылыктар жамгырдай жаап, көктөй дүркүрөп өссүн!

Жаныбызга кубаныч толсун!

Наристелерден баштап, карыяларга чейин жүзүндө күлкүнүн шоораты ойносун!

КУТМАН ТАҢ!

* * *

Жакшы – жакшы күндөрдүн,
Жакшысы болсун – ушул таң!
Жашообуздун дагы бир,
Бактысы болсун – ушул таң!
Жан дүйнөнүн кирдетпес,
Сакчысы болсун – ушул таң
Жаркыган келечектердин,
Ачкычы болсун – ушул таң!

* * *

Сак-саламаттык каалайм!

Майда-бараттан бийик туралы, замандын киргилт агымынан тунук чыгалы!

Жашоонун шаттыгын, өмүрдүн жаштыгын сездирсин ушул күн!

КУТМАН ТАҢ!

* * *

Уйкудан ойгонгондо жакшы сезим менен эсиңе түшкөн адамдар – ал: эң жакындарың... Алар жөнүндө ойлоонун өзү жан дүйнөнү аруулайт. Ак тилек, каалоо арабызды жылуулайт.

Баарыбызды Жараткан –
Адашкан жолдон сактасын!
Азаптуу шордон сактасын!
Тумандуу түндөн сактасын!
Тутулган Күндөн сактасын!
Маанисиз иштер азгырбасын!
Максатыбыздан тайдырбасын!
Намысыбыз бийик болсун!
Наркыбыз улук болсун!

Абийирибиз ак болсун да,
Акылыбыз тунук болсун!
Таалай-бакты бүт келсин!
Таң менен бирге кут келсин!

* * *

Жаратылыш сайып жашыл саймасын,
Жан дүйнөнү жаз жамалы жандасын!
Ишибизди ийгиликтер коштосун,
Ичибизде кымындай кир калбасын!
Бир өмүрдүн бир таңында жакындар,
Бир-бирине жакшы сөзүн арнасын!
Жашоо берип, бакыт берип, кут келип,
Жаратканым жакшылыгын жалгасын!

* * *

Жерибиз ийип чөп чыккан,
Желин ийип сүт чыккан,
Көк асман ийип кут түшкөн,
Көп жакшылык иш бүткөн,
Теңдигибиз сакталып,
Тегибиз менен даңкталып,

Жаныбыздан кымбат Улуу Кыргыз элибизде бакубат турмуш, денебизден кымбат жерибизде толуп ташкан береке болсун!

Маанилүү майрамыбыз Мамлекетибиздин кең келечегине эшик ачкан күн болсун, жаңырган жылыбыз жакшылыктарга толсун!

Жакшы тилегибизди Жараткан кабыл кылсын!

Оомийин!

* * *

Таң утурлаган таза ойлор тилекке айланып, бири-бирибизге жарык чачып, өйдөдө өбөк, ылдыйда жөлөк бололу!

Азгырмалуу жолдордун –
Азабынан сактасын!
Абийири жок душмандын –
Мазагынан сактасын!

Көңүлүңдү чөгөргөн –
Каатчылыктан сактасын!
Өмүрүңдү уурдаган –
Масчылыктан сактасын!

Кеменгердин жолунан –
Баскандардан бололу!
Кесепеттин торунан –
Качкандардан бололу!

* * *

Күн-түн менен теңелген –
Жыл башталды жаңыдан.
Маарек болсун Нооруз деп,
Дил кубанып абыдан.
Жаз табалы, жаркыйлы,
Жан дүйнөнүн табынан!
Дем шүгүрдү алалы,
Ден соолуктун барынан!
Март айынын бүгүнкү –
Жыйырманчы таңынан.
Каалайм жалаң жакшылык –
Кадыр көңүл шаңынан!

* * *

Деңиздей терең, асмандай кенен ЖАН ДҮЙНӨ байлыгын берсин!

Ал-кубаттан тайдырбаган, оору-сыркоого алдырбаган ДЕН ДҮЙНӨ байлыгын берсин!

Ырыскыдан кемитпеген, муктаждыкка жеңдирбеген МАЛ ДҮЙНӨ байлыгын берсин!

КУТМАН ТАҢ!

* * *

Куттуу таң көңүлгө жарык чачсын!
Өмүргө өбөлгө тапсын!
Бардык жакшылыктарга эшик ачсын.
Ден соолукта бар бололу!

* * *

Адам өткөндүн сабагы менен, учурдун энергиясы менен, келечектин акылы менен жашаса туура болот окшобойбу. Бул үчөө ар бир күндө бири-бири менен жуурулушуп, тең салмакта сакталышы абзел экенин байкадым. Чаалыкпаган эрк берсин!

Аткан таң жан дүйнөгө көрк берсин!

* * *

Жаздын ажайып таңы менен кут келсин! Жаркыган маанай берсин! Капалыктарды кубаныч жеңсин!

Биздин бир күнүбүздө өтө көп мүмкүнчүлүктөр бар. Ушул күнү көп жакшы иш жасоого бизге эрк берген Жаратканга сансыз алкыш!

Бардык нерсе ниетибиздин күчү аркылуу ишке ашарын эстейли!

Жарык таң менен жакшы ойлорду кошо бергей!

* * *

Таттуу болсун тилектер!
Таза болсун жүрөктөр!
Кайра келбейт бир өмүр,
Кайтпайт ушул мүнөттөр!

Жан дүйнөбүз ак болсун!
Ден дүйнөбүз сак болсун!
Көргөн ар бир таң менен,
Көңүлүбүз шат болсун!

* * *

Куттуу таңдын кудурети –
Кубаныч толгон жүрөктө!
Ар ийгилик – ак эмгекте,
Айтылган жашы тилекте!
КУТМАН ТАҢ!

* * *

Таң таттуу сезимдерди ойготуп, жашоого жаркын маанай тартууласын!
Акыл-эсибизге ак шоола чачсын!
Топук менен пейил берсин!
Кайрат, сабыр, дем берсин!
Кемитпестен кең берсин!
Телегейин тегиз кылып,
Тең берсин!

* * *

Капалык үчүн кечигип,
Кубаныч үчүн шашкым бар.
«Таарыныч» болсо жоготуп,
«Кечирим» болсо тапкым бар.
Балапан тилек баш бакса,
Барчындай таптап баккым бар.

Көбүнө жабык болсом да,
Көңүлгө эшик ачкым бар.
Үшүбөш үчүн жүрөктөр,
Үмүттүн отун жаккым бар.
Таң сайын тилек айтууга,
Сиздер бар үчүн – бактым бар!

* * *

Амандыкты сурашуу – бул: жакшы кеп.
Аткан таңдын шооласындай ак тилек:
Көңүлүңүз көкөлөсүн, демекмин,
Көлдөй, тоодой кемибеген бак тилеп!
КУТМАН ТАҢ!

* * *

Куттуу болсун таңыңыз! Кубанычтын курчоосунда калыңыз!
Эл журт, Мекен, жакын, жек-жаат, үй бүлө
эсен болуп, бийик болсун багыңыз!
Акыбети кайтып жакшы иштердин –
Аман-эсен болсун алтын жаныңыз!

Алдыдагы куттуу күндү өткөрүп,
Асыл ЖАНЫМ, көтөрүлсүн шаңыбыз!

* * *

Көп айтчу тилек таңдагы,
Көңүлдөр болсун жайдары!
Көрүнбөй жылат эмеспи,
Көр тирлик менен калганы.
Арыштап өмүр өтүүдө,
Алтындай күндөр кетүүдө,
«Ар нерсе» менен кайдагы...
Аз күндө эрип жоголот,
Апакай жааган кар дагы.
Ар күнү аны билбейбиз,
Адамдын ушул арманы!

* * *

Убакыт сызып күн өтсө,
Улуулук – жаркын тилекте.
Эң сонун таңдар атууда,
Элеси калсын жүрөктө.
Аттанып чыгып эртелеп,

Алп турмуш деген күрөшкө.
Ар күнү жашоо зор бакыт –
Ата журт деген түнөктө!

* * *

Эч бир нерсе менен ченеп болбогон, сатылбаган, булганбаган, чирибеген, уурдалбаган ЖАН ДҮЙНӨ байлыгы менен өз боюбузду өзүбүз башкара алган ДЕН СООЛУКтан улуу дагы кандай байлык бар?

Өмүрдөн аялуу дагы эмне бар?

Көңүлдөн кымбат дагы кандай нерсе бар?

Ушул күн кубанычтуу, бири-бирибизге мээрим төккөн күн болсун!

Бар бололу!

КУТМАН ТАҢ!

* * *

Бул дүйнөдөгү сыноолордун эң кыйыны – жоготуу, анан оору-сыркоо экен.

Дарылардын мыктысы – жакшы маанай, кубаныч, дамамат кыймыл, таза аба,

таза суу, анан денибиз муктаж болгон таза табигый азыктар окшойт.

Адамга жакшы маанай, кубаныч тартуулап туруу менен деле адамга кандай кымбат өмүр дарысын берип жатканыбызды туйсак экен.

* * *

Ушул аткан таңда Жараткан жакшылыктарга жол берсин!

Бак-таалайды мол берсин!
Татаал жолдон тайыбас бололу!
Кайратыбыздан кажыбас бололу!
Ар түйшүктөн арыбас бололу!
Пейлибиз кенен, тарыбас бололу!
Топук кылып, тоюмдуу бололу!
Топ ичинде оруңдуу бололу!
Журт ичинде жугумдуу бололу!
Калк ичинде сыйымдуу бололу!
Көп менен бирге көңүлдүү бололу!
Көп жашайлы, өмүрлүү бололу!
Маанилүү жашап, максаттуу бололу!
Манастын эли кайраттуу бололу!

Мактоого татып майнаптуу бололу!
Мажүрөө болбой, айбаттуу бололу!
Аччылыктан сактасын, токчулук болсун!
Касчылыктан сактасын, досчулук болсун!
Жамандардан бөлөк бололу!
Жакшыларга жөлөк бололу!
Жалгыздарга көмөк бололу!
Көк асаба желек бололу!
Көпчүлүккө керек бололу!
Ак асаба желек бололу!
Ата журтка керек бололу!

* * *

Бар бактыны бир күнүңө батырган,
Бардык максат ушул күнгө катылган.
Ар бир мүнөт, ар бир сааты өмүрдүн –
Мүмкүнчүлүк: бизге кенен ачылган!
КУТМАН ТАҢ!

* * *

Ар бир таңдын атканы – тирүүлүктүн баа жеткис коңгуроосу. Бул – Жаратkandын дагы бир бизге арнаган зор белеги.

Жөн гана бир күн дегенибиз менен ушул бир күндө баары бар. Аны кандай өткөрүү биздин тандообузга коюлду. Күнүбүздү жакшы баштайлы!

КУТМАН ТАҢ!

* * *

Ак таңдай ачык көңүл каалайм!
Ар күнү жакшы өмүр каалайм!
Сый-урматтын төрүн каалайм!
Ылдый эмес, өрүн каалайм!
Ырыскынын көбүн каалайм!
Ден соолуктун бекемин каалайм!
Жакшылыктын нечени каалайм!
Ар ийгилик көбөйүп, сансыз болсун!
Ак бата, тилек чогулуп, алкыш болсун!
КУТМАН ТАҢ!

* * *

Бак келсин!
Бак кечикпей бат келсин!
Бардык тилек, таза ойлор кирдебесин – ак келсин!

Таӊ агарып, кут келсин!
Жакшылыкка туш келсин!
Жалкы эмес, жуп келсин!

* * *

Өмүрдүн ар бир кыска ирмеминде да акылга батпаган чексиздик бар экени байкалат (аны кичирейтип, тарытып алыш да өзүбүздүн түшүнүктөн; кеӊейтип, асылдандырып алыш да өзүбүздүн түшүнүктөн)

Биздин жүрөк эмнелерди гана көтөрбөйт. Анда баары бар. Бардык түшүнүктөрдүн жыйылган жери – ал: биздин жүрөк.

Биздин жан дүйнөбүз көтөрүп турган жүктү башка эч бир макулук көтөрө албас эле...

Жүрөк жүгү ар түрлүү:
Жаман да бар, жакшы бар.
Бирде кайгы, арман, муӊ –
Бирде жыргал, бакты бар.

Жүрөк жүгү ченемсиз:
Жакшы да бар, жаман бар.

Жандуулардан өзгөчө,
Жашап келет адамдар.

Жүрөк жүгүн ылгайлы,
Жеңилдесин жүрөктөр.
Тааныш үчүн жакшыны –
Таза болсун тилектер!

Ушул учур, ушул таң –
Качанкы бир тилектер.
Кадырына жетели,
Кайтпайт ушул мүнөттөр!

* * *

Адамзат үчүн берилген жана адамзат үчүн татыктуу болгон бардык жакшылыктарды каалайм! Ошолордун арасында эң мыктысы ЖАН байлыгы деп түшүнөм. Мына ушуну мол берсин! Таза тилек ой келсин!

Жараткан куттуу таң менен бирге КУБАНЫЧТЫ карай жол берсин!

Оомийин!

* * *

Оо улуу таң! Өмүр чексиз керемет!
Көр дүйнөнү көп кубалап не керек?
Жан дүйнөбүз жарык чачпай көбүнчө,
Жашап жүрбүз кереметти тебелеп...

Буйрук кылып жакшылыктан
нечени,
Кутка бөлөп бүгүн менен эртеңди.
Көкүрөктү рух күчү тазалап,
Көңүлдүү күн болсун – ушул
шейшемби!

* * *

Тирүүлөргө караштуу,
Түн сүрүлүп, таң атты.
Аппак карлуу кышкы таң,
Айланага жарашты!
Аппак тончон алп тоолор,
Айтып турат «МАНАСТЫ»!

Азыр эски папкелеримдин биринен ушуну окуп, уйкум ачылды. Жылмайдым. Бир топ жыл илгери жазыпмын.

Ырахмат бул саптарга, ушул чакта, таң атпай жылмайтканга жараганга!..

Күмүш таңды күлүп кабыл алалы да!

* * *

Кыштын алгачкы таңы, кылымдардын жакшылыгы үчүн себепкер болгон таң болсун! Кыргызым менен бирге, кымбат жакындарым бар болсун!

КУТМАН ТАҢ!

* * *

Бүткүл болмуш – бир бүтүн ажайып, чексиз, тирүү организм. Болгону ошону аңдап түшүнүүбүз гана керек окшобойбу.

Комуз күүсүндө «оң кайрык», «терс кайрык» же «оң буроо», «сол буроо» бар. Экөө бир ТЕҢДИКТИ түзөт. Башкысы, кайсы күү чертилет, кеп – ошондо. Анын сыңары, биздин өткөргөн ар бир күндүн да ошондой оң, солу бар. Башкысы, кандай күндү жашоого ниеттенип турабыз, кеп – ошондо!

КУТМАН ТАҢ!

* * *

Бир кездеги канчалаган көп тилектерибиз, кыялдарыбыз ар бир күнү орундалып жатканын көп учурда сезбей жашайт экенбиз.

Таңды аман-эсен, тынчтык менен тосуп алуунун өзү – чексиз мүмкүнчүлүк.

Кубаныч менен акылдын гармониясы адам өз тагдыры менен тил табышканда келчү нерсе экенин байкаганым бар.

КУТМАН ТАҢ!

* * *

Мына азыр таң атат...
Мына азыр таң атат...
Өмүр да бир эртеңкиге баратат.
Биздин доор дагы бир күн жаратат.
Бактылуубуз ушул таңды тоскондор,
(Тоспогондор жүрөгүмдү канатат...)
Садагасы табиятты карачы,
Сансыз жолу алкыш айтсак жарашат!
Куштар сайрап,

Жыпар чачып бүчүрлөр,
Зор оркестр айланада бүт үндөр!
Ала-Тоонун желаргысы –
Алп мезгилден үзүмдөр…
Ар күнүндө бул өмүрдүн – аманат кең турмуш бар!
Аздан тарап, көзүн ирмеп АСМАНдагы жылдыздар....
Бар бололу, бир бололу, бай бололу, КЫРГЫЗДАР!

* * *

Чоң атам мага мындай деп көп айтар эле:

- Жылкы суу ичкен жерден суу ич, анткени жылкы эч качан таза эмес суу ичпейт;
- Курт түшкөн мөмө-жемиштерди же, анткени курт эң таза жемиштерге түшөт;
- Жер чычкан уялаган жерге бак тик, анткени ал жердин топурагынын курамы эң бай болот;

- Жылан уялаган жерге үй сал, анткени жылан жашоого эң ыңгайлуу жерге уялайт;
- Тооктор түнөгөндө жатып, турганда кошо тур, күнүң берекелүү болот;
- Жашылчаны көп же, буттарың күчтүү, жүрөгүң эркүү болот;
- Сууда көп сүз, дайыма сергек болосуң;
- Жерге эмес, асманга көп-көп кара, ойлоруң тунук жана таамай болот;
- Пайдасыз сөздөрдү сүйлөбө, жан дүйнөң тынч, акылың бай болот;

Чындыгында, биздин бабаларыбыздын акылмандыгында чек жок болгон.

* * *

Кутман таң болсун!

Жараткан жакшылыгын арнай берсин, жакшылык бири-бирин жалгай берсин!

Кудурет кут-береке тегиз берсин, бергенин жалгыз кылбай эгиз берсин!

Кут, абийир, бак, ар-намыс төгүлбөсүн! Улуу эл упуранып бөлүнбөсүн! Бар бололу!

* * *

Биз жүрөгүбүздүн кайсы бир кулпуларын ача алсак, жүрөгүбүзгө бар ааламдын баары батат.

Кең жүрөгүбүз кем жүрөк болбосун!
Бийигибиз пас болбосун!
Жакыныбыз кас болбосун!
Тереңибиз тайыз болбосун!
Айыптаган арыз болбосун!
Арттан кууган карыз болбосун!

Маанайыбыз жаркын болсун!
Бапестеген баркың болсун!
Бакай сындуу улуулар болуп
Манас деген калкың болсун!
Тилегибиз кабыл болсун!
КУТМАН ТАҢ!

* * *

«Манас! Манас! Манас!» деп,
Ушул – кыргыз ураны!

Ансыз аруу болобу,
Аткан таңдын кунары?
Көкүрөктү түн кылат,
Көр тирликтин кумары...
Асманында «чексиздин»,
Ак шумкардай сызалы!

Баасы кымбат балбан сөздөр, бабалардан калган сөздөр жолубузга чырак болсун!

Чаңкаган жанга булак болсун!

Таңда түшкөн кут болуп, боюбузга кубат болсун!

Жакшы тилек, ырыс болсун!

Жан менен ден бирдей сүйгөн жакшы таттуу турмуш болсун!

Ишибизге канат болсун!

Кымбат көрүү Ата журтту – кыргыз үчүн адат болсун!

Улуулардын асыл наркы урпактарга сабак болсун!

Оомийин!

* * *

Бул дүйнөнүн дагы бир керемети – ал: сыноосунда. Оор, жеңил, табышмактуу, кызыктуу, өкүнүчтүү жана башка ар кыл сыноосу менен бизди курчутуп аткан бир зор кайракка окшош бул дүйнө. Андыктан, барга көппөйлү, жокко чөкпөйлү. Барында каниеттүү бололу, жогунда сабырдуу бололу! Жакшыга канат болуп кагылалы! Жамандан азат болуп арылалы!

ТАҢ МЕНЕН КУДУРЕТ КУТ БЕРСИН!

* * *

Эртең менен ойгонгондо өзүбүзгө бул үч нерсени сиңирип алуу жакшы деп билем:

1. Жашоого болгон сүйүүнү;

2. Жараткан менен өзүңө болгон бекем ишенимди;

3. Бул күн да аманат экенин сезип, жоопкерчиликти өз колубузга алууну!

Күнүбүз эң жакшы күн болсун!

Кутман таң!

* * *

Жараткан ар күнү:
Күлкү, маанай, шат берсин!
Күбүлбөгөн бак берсин!
Жакшыга жанаштырсын!
Жамандан адаштырсын!
Бак-таалай байырласын!
Багыттар жаңылбасын!
Береке кенен болсун!
Эс-акыл терең болсун!

Үйдө – кут, сыртта тынчтык болуп, элге пейил, жерге береке берсин!

Оомийин!

* * *

Күндүн таңкы убактысына кыргыз калкы атам замандан бери терең маани берип келген. Улагасын Күн чыгышты карытып өргөө көтөргөн.

Таңкы Күндүн алгачкы, ак жарыгы менен шоолалары жаркын маанай берсин!

Эсенчиликте бар бололу!

Жараткан кырсыктуу түндөн сактасын!

Кыямат күндөн сактасын!
Жалган ушактан сактасын!
Жалаа тузактан сактасын!
Кулагыбызды жаман сөзгө күбө
кылбасын!
Көзүбүздү жаман окуяга күбө
кылбасын!
Жаман сөздөн тилибизди сактасын!
Жаман ойдон дилибизди сактасын!
Аруу тилегибизди кабыл кылсын!

* * *

Адамдын көңүлүндө кубаныч-шаттык болсо, ал – адамдагы бардык мүмкүнчүлүктөрдү ойготууга жана бир четтен өстүрүүгө жарай турган кубатка ээ экенин байкадым.

Ал эми көңүлдө кайгы-капа болсо, ал – адамдагы мүмкүнчүлүктөрдү терең уйкуга батырып, четинен кетилтип түгөтө турган кубатка ээ экенин да байкадым.

* * *

Бул жашоо – эң улуу тең салмактуулукка негизделген акыйкат. Убакыт физикалык мыйзамдын чектеринде болгону менен анда биз сезбеген жана сезген, тааныган жана табышмактуу жашоосу, түзүлүшү бар. Ал биздин көз караштар менен таасирлердин аркасында таанылат жана чагылышат.

Биз өзүбүздүн сырткы дүйнөгө тийгизген таасирлерибиздин чагылышынын тарыхын түзгөн өмүрдү жашап өтөбүз. Аны кандай кылуу мүмкүнчүлүгү биздин ниетибизде негизделген. Бул кыргыздын «Сепкениңди оросуң» деген сөзүнө эң жакын түшүнүк.

* * *

Бардык бар нерсеге, бүткүл болмушка жүгүнүп турган – керемет дүйнө. Анын эч бир кынтыгы жок. Бул чексиздикте бир да ашыкча нерсе жок.

Эгер андай болсо, биздин ар бир кылган иш-аракет – ошол улуулуктун дагы бир сулуулугу!

* * *

Өмүрдүн эң татынакай таза бир барагы ачылды...

Анда эң жакшы тилектер айтылсын!
Эң жакшы мүнөттөр камтылсын!
Эң жакшы жүрөктөр тартылсын!
Издегенибизди табалы!
Самаганыбызга жетели!
Көйгөй болбосун,
Болуп калса чечели!
Көңүлүбүздө көктөм жаркысын!
Көкүрөктө булбул таңшысын!
Жаздын жамалын берсин!
Жакшынын амалын берсин!
Жароокердин кабагын берсин!
Даанышмандын сабагын берсин!
Не тилесек келсин!
Оомийин!

* * *

Адамдагы жакшы ниет, жакшы ой, жакшы иш-аракет, таза жүрөк жылдын

эң узун түндөрүн да мээримдүү, мемиреген руханий ырахатка бөлөп, жаркыраган нурга айлантат.

Жакшы пейилден ажыратпасын бизди!
Онто деген оору болбосун,
Келе деген доочу болбосун,
Моюнубузда:
Карыз эмес, намыс болсун!
Кадамыбыз:
Кашаңдабай арыш болсун!
Казылар калыс болсун!
Кайгы, капа алыс болсун!
Элге-жерге кут консун!
Эгинге кампа жык толсун!
Куу барак, жолбун, ит болбой,
Кубаныч берип жаамыга –
Кумайык жылы КУТ БОЛСУН!
Оомийин!

* * *

Теңир берсин!
Теңир берсе кеңир берсин!
Сыноолорун жеңил берсин!

Кудай берсин!
Жакшылыгын улай берсин!
Оомийин!

* * *

Кышкы таңдын керемети жүрөккө дем берсин!

Өксүбөйлү, өсөлү!

Өсүп көпкө жетели!

Элде биримдик менен ырк болсун!

Жерде ырыскы менен көрк болсун!

Эрлерибизде кайрат, жигер, эрк болсун!

Аялдарда мээрим, абийир, нарк болсун!

Кыргыздын ар бирин Кыдыр даарып, бак консун!

Өлкөбүздүн өсүшү өмгөктөбөй бат болсун!

Улуулардын урматы артып, келечек муунга шарт болсун!

Жакындарыбыз менен жакшылыкта, бак-таалайда эсен бололу!

Ар бир аткан таң менен шаң келсин!

* * *

Кутман таң!

Таза ойлордун башаты – таңда.

Таза ойлор жан дүйнөбүзгө азык болсун!

Жакшы ойлор түнөгөн жүрөктө кубанычтын жарыгы жашайт.

Жаркыган жан дүйнөбүздүн шооласын бири-бирибизге чачсак, ал көбөйүп олтуруп, анын жарыгы эң чоң ааламды жаркыта алат.

«Кубанычты бөлүшсөң – көбөйөт, кайгыны бөлүшсөң – азаят», – деген даанышман элибиз.

Куттуу таңды эсен-соо тосконубузга кубаналы!

* * *

Жаамы журтту ылайым,
Жараткан өзү колдосун.
Жашоосуна кыргыздын,
Жаман ойлуу оңбосун.

Кубанычтар коштогон берекелүү күндү кечирели!

КУТМАН ТАҢ!

* * *

Жаздын тогузунчу таңында Жараткандан тазалыкты, аруулукту, ак тилектербиздин кабыл болушун тилейм!

Ден соолугубуз чың болуп, сергек болуп, жакшы иш-аракеттерибизден ийгилик табалы!

Жылдын ар мезгилинде жалпы эл менен бирге жакшы күндөрдү татыктуу көрүүнү буйрусун!

КУТМАН ТАҢ!

* * *

Оо, Кудуреттүү Жараткан, өзүң колдоп, өлкөбүзгө, элибизге, жерибизге чын дилинен жакшылык кылуучуларга кайрат бер, сабыр бер, күч бер, ден соолук бер, убакыттын берекесин ашыр, элибизге билим бер, түшүнүк бер! Ар жа-

ранга калыс пикир, зирек акыл, таза, баатыр жүрөк бер! Мөгдөп турган Мамлекетибиздин бир жакшы ишине бизди жарамдуу кыла көр, Жараткан!

КУТМАН ТАҢ!

* * *

Жайдары маанай,
Жаркын көңүл,
Жигердүү иш,
Берекелүү күн болсун!

Жараткан бардык оорчулуктан очорултпасын!

КУТМАН ТАҢ!

* * *

Ар бир таңда эсен-аман жаздыктан баш көтөрүп, элге-жерге жакшылык тилейли!

Элибиз пейилинен, ар-намыс, ариетинен, кутунан, улутубуз уңгусунан ажырабасын!

Күч-кайратыбыз, эркибиз, ден соолугубуз бекем болуп, Кыргыз элге ниети

таза, кызматы ак жарандар бирдикте боолу!

КУТМАН ТАҢ!

* * *

Биз жашап жаткан өмүрдүн ар күнү маанилүү, максаттуу, ушул алдыдагы таңдын жарыгы сырткы дүйнө менен бирге жан дүйнөбүзгө да шооласын чачсын. Улуу Жараткандын мээримине бөлөнөлү! Күн убактысы берекелүү жана жакшы майнаптуу болсун!

КУТМАН ТАҢ!

* * *

Бүгүнкү күндө жанга жагымдуу көз ирмемдер көп болсун! Ар бир күн биздин өмүрдүн чынжырын улайт. Ал чынжыр үзүлбөгөн бекем, дат баспаган таза, маанилүү, барктуу бойдон эртеңки келечек муунга жалгашса экен!

КУТМАН ТАҢ!

* * *

Келерки көп жакшылыктардын каалгасын ачкан күн болсун!

Ак тилектер бир болсун!

КУТМАН ТАҢ!

* * *

Жаркын маанай – көңүл берсин!
Узак жашоо – өмүр берсин!
Урмат-сыйдын төрүн берсин!
Жан дүйнөбүз жарык чачып,
Жакшылыктын көбүн берсин!
БАР БОЛОЛУ!

* * *

Жүрөгүбүздүн эң аялуу, эң терең жеринде жашаган аруу сезим, аздек түшүнүктү баалай алган жакындарыбыз менен биргеликте өмүрдү өрнөктүү сүрүүгө Жараткан жардам кылса экен...

КУТМАН ТАҢ!

* * *

Арналсын аруу тилектер!
Агарсын дилдер, жүрөктөр!

Тазалык, шаттык, дем берсин,
Таңдагы ушул мүнөттөр!

Кубаныч менен шаң менен,
Кулпуруп дүйнө, жан-денең.
Курчалып бакыт, ырыскы,
Кут келсин ушул таң менен!
КУТМАН ТАҢ!

* * *

Жараткан ар бир таң менен бирге шүгүрчүлүктү, эсенчиликти берсин! Жадыбыздагы жакшы максаттарга карай умтулуубуздан чарчатпасын, ийилтсе да сындырбасын! Ден соолукта бирге бололу!
КУТМАН ТАҢ!

* * *

Эл ичинде эсен бололу!
Эрк-кайраттуу, бекем бололу!
Жаныбыз жапа чекпесин!
Жаман ойлор бизден четтесин!
Кут даарып, башка бак консо,
Кубаласа кетпесин!

Кенемтебиз кем болбосун, кең болсун!

Кешик-ырыс, насибибиз тең болсун!

Суудай таза, Күндөй жарык, чокудай бийик, деңиздей терең, ааламдай кенен көңүл берсин Жараткан!

КУТМАН ТАҢ!

* * *

Тирүүлүктө сыйдан улук нерсе жок. Жакшы сөз жан эргитет, жан эргисе, жаратмандык келет. Мына ошол жаратмандык аркылуу биз эртеңкиге жакшы мурастарды калтыруу менен заманыбызга өз салымыбызды кошобуз, өткөндөрдүн аманатын актайбыз. Үмүт жанат, үмүт бизди жаркын келечекке карай жолдо талыкпаган эмгек менен аракетке тирек болот. Тарыхты биз жаратабыз! Ийгилик, эрк, сабыр, күч-кубат, ден соолук каалайм!

КУТМАН ТАҢ!

* * *

Жаңырган жылдын биринчи күнү бардык жакшылыктар менен кең келечекке

ачылган каалга болсун! Элде жакшы пейил, жерде тынчтык менен береке болсун! Жараткан жалгасын! Караны ак жеңген, калпысты нак жеңген, жалганды чындык жеңген адилеттүү жыл болсун!

* * *

Жамандык болбосун!

Жакшылык орносун!

Көч карасында, көп арасында, эл ичинде эсен болуп, ден соолук бекем болуп, журт ичинде бүтүн болуп, маанай жарык болуп, максат анык болуп бар бололу!

КУТМАН ТАҢ!

* * *

Ар бир аткан таң менен ырыс келсин!

Ата журтка бактылуу турмуш келсин!

Айдан аман, жылдан эсен болуп, жакындарыбыз, эл-журтубуз менен биргеликте бакубат турмуш кечирели!

КУТМАН ТАҢ!

* * *

Элге пейил, жерге береке берсин!
Ак ниеттен кылган ишибиздин акыбети миң эсе келсин!
Жакшы күндөр менен өмүр чыксын көркүнө!
Жакшы сөздөр менен көңүл чыксын көркүнө!
Тилибиздеги тилек таза болсун!
Денибиздеги жүрөк таза болсун!
Жакшыга ынак, жамандан ыраак бололу!
Алдуута арымдаш, алсызга кубат бололу!
КУТМАН ТАҢ!

* * *

Жараткан ыман берсин, ырк берсин!
Насили асыл нарк берсин!
Бата менен барк берсин!
Ак тилектер ишке ашып,
Ар күнү кетпес бак берсин!
Оомийин!

* * *

Оо, улуу таң!

Өз улуулугуң менен, өз сулуулугуң менен жан дүйнө төрүн ээлейсиң!

Амандыктын жарчысы – өзүңсүң!

Үмүттүн жалыны – өзүңсүң!

Бардык кыймылдын башаты сенде!

Алсыздар сенден кубат тилейт.

Канча адам сени көрүүнү дегдеди.

Түндөн сак-саламат чыккандардын энчиси сенсиң!

Билгендерге сенден артык байлык жок!

Таңды эсен-аман көрүүнү узак убакыттар насип кылсын!

КУТМАН ТАҢ!

* * *

Караңгыда чырак берсин Жараткан Теңир!

Чаңкаганда булак берсин Жараткан Теңир!

Кадыр, көңүл, сыйды берсин Жараткан Теңир!

Кайрат, сабыр, кубат берсин Жараткан Теңир!

Жакшы мүнөз пейил берсин Жараткан Теңир!

Жакшылыкты кеңир берсин Жараткан Теңир!

КУТМАН ТАҢ!

* * *

Чөйрөбүздө жакшы адамдардын болушунун өзү – бактылуулуктун дагы бир кыры.

Бизди жакшы чөйрөдөн Кудай ажыратпасын!

Жакындарыбыздын күлкүсүн көрүүнү ар качан буйрусун!

Коом бизден түзүлөт, ал эми андан Мамлекет түптөлөт эмеспи.

КЫРГЫЗСТАН бакубат, өркүндөп өскөн Мамлекет болушун ар күнү тилек кылалы!

КУТМАН ТАҢ!

* * *

Таң алдында таза ниеттен чыккан жакшы сөздөрүбүз бири-бирибизге эм болсун, дем болсун! Кайрат, кубат болсун! Телегейибиз тең болсун! Ала-Тоодой жерибиз бар болсун! Атпай кыргыз элибиз бар болсун!

Ыйык милдеттерибизди ак өтөп, ден соолукта бактылуу турмуш кечирели! Жараткан баштан тайбаган бак берсин! Берекелүү, узак өмүр жаш берсин! Жанга жаккан жаңылык берсин! Каада, нарктуу карылык берсин!

КУТМАН ТАҢ!

* * *

Улуу Жараткан! Бизди жалкоолуктан сактап, эмгекчилдикти берсин!

Манчыркоодон сактап, элпектикти берсин!

Ачуута алдырбаган сабыр берсин!

Ынтымак, ырыс, кадыр берсин!

Ар-намыс, ак дил, абийир берсин!

Элибиз билимдүү тетик болсун!
Жерибиз берекелүү жетик болсун!
КУТМАН ТАҢ!

* * *

Таң жарыгы чокуларды өпкөндө,
Айткым келет ак тилегим көптөргө!
Киши көөнү толкуйт экен кубанып,
Чын жүрөктөн чыккан бата сөздөргө...
Кубаналы ден соолуктун барына,
Кубаналы таңды эсен көргөнгө!
Ушул учур улуу чындык – мына азыр!
Калганынын көбү жалган, өзгөрмө...
КУТМАН ТАҢ!

* * *

Кудуреттүү Жараткан!
Кайыштырган кайгыдан сактасын!
Өзөлөнткөн өксүктөн сактасын!
Онтогон оорудан сактасын!
Кесепеттүү жоодон сактасын!
Келе деген доодон сактасын!
Капилет келген кырсыктан сактасын!
Каада-нарксыз турмуштан сактасын!

Касыреттүү кылмыштан сактасын!
Жалган ушактан сактасын!
Жалаа тузактан сактасын!
Алаамат араанын ачпасын!
Ар-намыс, абийир качпасын!
КУТМАН ТАҢ!

* * *

Ата-бабаларыбыз ак кызматы менен аманат калтырган ажайып Мекенибиздин таңын көрүү – биз үчүн бакыт экени кандай талашсыз болсо, жоопкерчилиги ошончолук экенин эстен чыгарбайлы! Себеби: биздин бактыбыз үчүн кечээкилер кандай кызмат кылган болсо, биз келечектин бактысы үчүн ошондой кызмат кылсак экен...

КУТМАН ТАҢ!

* * *

Кеменгер, көсөм, даанышман кыргыз карыялары кезинде урпактар үчүн кандай жакшы, ак тилек, баталарын ыроологон болсо, ошол тилеген тилек, баталары

кабыл болуп, тайгак кечүү, тар жолдордон тайыбай өтөлү!

Элибиз эсен, жерибиз тынч, денибиз сак, жаныбыз бай болсун!

КУТМАН ТАҢ!

* * *

Дем алыш күнү дем берсин,
Шаттыкка көңүл термелсин!
Жайдары маанайда бололу!
КУТМАН ТАҢ!

* * *

Аптанын биринчи күнү чаалыкпаган күч, суубаган дем, жанбаган жигер болсун!

Сергек эс-акыл, чебер чечкиндүүлүк менен бирге майнаптуу да, максаттуу иш болсун!

Эртеңибизде, эл-жерибизде береке менен бейпилдик, бактылуу, бакубат турмуш болсун!

Ар ишибиз арымдуу болсун!

Апта ичи жагымдуу болсун!

Азаматтар жалындуу болсун!
Телегейибиз тең болсун!
Кенемтебиз кең болсун!
КУТМАН ТАҢ!

* * *

Жадыбыздагы жакшылыктар, тилибиздеги тилектер жашообузга жалгашып, турмушубузга тутка, түндүгүбүзгө түркүк, жан уябызга жарык болгонго өбөлгө болсун! Аманат өмүрдү адамдык насил менен асылдандырып жашайлы!
КУТМАН ТАҢ!

* * *

Жараткан жар болсун да, куттуу таң кубанычка бөлөсүн.
Ден соолукка дем болсун!
Күнүбүздү күлкү-шат коштосун!
Жүрөктү мээрим менен тынчтык уяласын!
Элге ынтымак менен аруу пейил берсин!

Жерге береке менен бейпилдик берсин!

Ар-намыс менен ариет алыстабасын!

Жакшы ниет менен тилек кылган жаркын максаттарыбызга жетүүгө Кудурет ээси кубат берсин!

Кыйынчылык болсо, аны жеңүүгө андан он эсе көп күч, эрк, кайрат берсин!

КУТМАН ТАҢ!

* * *

Өмүр – мүмкүнчүлүк. Дүйнө – бизге аманат конок. Аны келечекке аздектеп, аспиеттеп өткөрүп берүү – милдет. Бизге тапшырылган аманаттардын ири алдында Ата журт, мекен, тил, улуттук жакшы салт, чыныгы нарк, насил дегендер турат. Биз ошолор менен элбиз, ошолор менен өлкөбүз. Бизге берилген жөндөм, шык, кесипти билим менен чыңдап, сүйүү менен асырап, адамгерчилик менен пайдаланып элге арнайлы! Түбөлүк

Жараткандын алдында жүзүбүздү жарык кылуучу нерсе ошол го... Мындан башкасын мен азырынча байкай элекмин. Таңдан таңга чейинки мүмкүнчүлүктү жакшы пайдаланалы!

КУТМАН ТАҢ!

* * *

Артык дүйнөсү батпаган байлардын жашоосуна сук артпайлы! Анткени, алар деле биз ичкенден ичкенин көрдүк, алар деле биз жегенден жегенин көрдүк, биз дем алган абадан дем алганын көрдүк. Бир асмандын астындабыз, бир жердин үстүндөбүз. Байлардын кубанычы биздикинен кем болсо, кем экенин көрдүк, ашыкча экенин көрбөдүк. Байлардын кайгысы биздикинен көп болсо, көп экенин көрдүк, аз экенин көрбөдүк. Бирок алардын көбү биз укканды уга албашы мүмкүн экенин туйдук, биз көргөндү көрө албашы мүмкүн экенин туйдук. Бирок алар артыкча байлыгы үчүн бул дүйнөдө, бул дүйнөдө болбосо акыретте

сурак беришет. Ал эми биз байлык тууралуу суралбайбыз!

Ар таңда топук, каниет, шүгүрчүлүк менен бүгүнкү аманат күндү татыктуу жашайлы!

КУТМАН ТАҢ!

* * *

Оо, Жараткан!

Бизге бакыт, дөөлөт, ырыскы берсең, абийир, намыс, ариетибизди тепсебеген жол менен бере көр!

Аруу ниет, адал эмгек, жаркын максат аркылуу жетчү бакытты бер, Жараткан!

Таза жүрөгүбүзгө жүк болгон, көңүлүбүзгө жакпаган иштерди жасоо аргасыздыгынан сакта!

Сүйгөн кесип, изги иш, акыйкат аракетибиз менен өтөлгөлүү өмүр бер, акыретте жүзүбүздү жарык кыл, Жараткан!

КУТМАН ТАҢ!

* * *

Өмүрдүн жоопкерчилиги чоң экени талашсыз. Демек, ар бирибизде милдет бар, ошол милдетибизди мыкты аткаруубуз үчүн ар бир таңда эс-акылыбыздын бүтүн болуусун, он эки мүчөбүздүн бүтүн болуусун, Мамлекетибиздин бүтүн болуусун ЖАРАТКАНДАН көптөн-көп тилейм!

* * *

Өмүрдүн эң маанилүү ирмемдери – өзүңө туура жана чыныгы баа берген учурлар. Жакшыбы же жаманбы, туурабы же жаңылышпы, биз жашап өткөн же жашап жаткан учурлар – ал: биздин өмүр, биздин гана тагдыр. Ошол өмүр, тагдырыбызда бизде саналуу кымбат адамдар бар. Ал адамдарды ойлонуу дагы жакшы; угуу дагы жакшы; аларга ар тараптуу жардам берүү дагы жакшы; алардан ар тараптуу жардам алуу дагы жакшы. Мындайча айтканда, алар менен

бир бүтүн организмге айланасың. Ошол организмдин жакшы, таза, мыкты болушу биздин өмүрдүн негизин түзөт. Демек, организмдеги ашыкча кесепеттүү, зыяндуу нерседен убагынан кечикпей арылуу, ошондой эле пайдалуу, зарыл нерселерди өөрчүтүп, өстүрүп олтуруу – бул: биринчиден, өзүбүздүн да пайдалуу бөлүкчөгө айланышыбызды шарттайт. Ал үчүн дайыма жакшы сөздөрүбүз, жакшы каалоо-тилектерибиз менен, мыкты тажрыйбаларыбыз менен дамамат бөлүшүп туруу зарыл деп түшүнөм.

Бир нерсени унутпашыбыз керек! Биз бактылуу болууга дайыма татыктуубуз. Биздин Кыргызстанда бактылуу адамдар жашашы керек. Биз ошол бактылуу коомдун мүчөсү экенибизди эстегим келди.

* * *

Жараткан капалык берсе, андан көп кайрат берсин. Кубаныч берсе, андан көп эс-акыл берсин.

Ушул күнүбүздү көп жакшылыкка ачылган каалга кылсын Жараткан!

Буттарыбыз Мекенибиздин топурагын кечип жүргүдөй болсун!

Колдорубуз жакшы адамдардын колдорун кармап учурашкыдай болсун!

Ата журтту сүйгүдөй таза жүрөк бере көр, Жараткан!

Чындыкты эч бир парда жаба албас, бирок аны көргүдөй көз берсин Жараткан!

Он эки мүчөбүздүн соолугунан ажыратпасын Жараткан!

КУТМАН ТАҢ!

* * *

Жүрөктө сүйүү болбосо, жүзүңдө нур болбойт. Башта акыл болбосо, баскан багытың түз болбойт да, баштаган ишиң шыр болбойт. Ниетиң жакшы болбосо, пейилиң оң болбойт. Кылган ишиң пайдасыз болсо, кыр ашырчу жол болбойт.

Демек: жүрөгүбүздө сүйүү, башыбызда акыл, ниетибизде жакшылык, кылган ишибиз пайдалуу болсун!

КУТМАН ТАҢ!

* * *

Жараткан жакшыдан адаштырбасын!
Жаманга жанаштырбасын!
Ак таңдай ачык маанай каалайм!
Арбын бакыт-таалай каалайм!

* * *

Кең пейилдин кенен болуп кулачы,
Таңды тосуп, күндү аман узатуу –
Кайталангыс ар бир күндүн таңында –
Кандай жакшы амандыкты сурашуу!
Кабыл болсун бардык жакшы тилектер,
Аруу таңда ак тилегим – мына ушу!

* * *

Жакшылыкта да, жамандыкта да сабыр берсин бизге. «Барга көппө, жокко чөкпө», «Сабырдын түбү сары алтын», –

деген Кыргыз элибиз. Тарыхында даанышман элдин татыктуу урпактары бололу! Ден соолукта көргөн таңыбызга каниет кылалы!

КУТМАН ТАҢ!

* * *

Элибиздин аң-сезими өөрчүп, билими тереңдеп, пейили тазарып, заманыбыз оңолсун! Бакубат өнүккөн Мамлекет – Кыргызстан болсун! Бизди ошого себепкерлерден кыл, оо, улуу ЖАРАТКАН!

Оомийин!

* * *

Жарык таңдын нурундай,
Жан дүйнөнүн ырындай,
Жакшы жолдун нугундай,
Жакшылыктын сыйындай ак ниеттен чыккан ак тилегимди ыроолойм! Аткан таң алдыдагы жакшылыктардын ачкычы болсун!

* * *

Жараткандын буйругу менен жааган жамгырдын ар бир тамчысы кут алып келсин!

Ар бир таң, ар бир күнү улук болсун!

Булуттан түшкөн тамчыдай тунук болсун!

Элибиз баштагы башатындай улут болсун!

* * *

Өмүрдүн ар бир ирмеми – кымбат жана жоопкерчиликтүү. Ага кайдыгер же байкабас мамиле кылбай, керемтин сезип, сабагын үйрөнүүдөн оолак калбашыбыз керек.

Эмнелерге күбө болсок, эмнелерди сезип, көрүп жатсак, булардын баары – кайталангыс.

Мунун баары ар бирибиз үчүн маалым болсо да, кайталап айтуудан, улам-улам эстөөдөн талбаймын.

Эгер адамдар бири-бирибизди жөн гана кадырлоону үйрөнө алсак, анда чыр-чатактар, алааматтар, согуштар болбос эле. Анан да ажайып, керемет кубанычтарга чөмүлүп жашайт элек.

Тынчтык, кубаныч каалайм!

* * *

Таң тосолу шаң менен!
Шаңкылдайлы кубанып,
Тирүүчүлүк жатканына уланып.

Жаркылдаган таң мына!
Жаркылдайлы кубанып,
Жашоо дагы алдыга
Жаткан үчүн уланып.

* * *

Мен бул батамды канча көп кайталап айтуудан чарчабайм. Себеби мен ар күндө, ар бир саатта, ар бир ирмемде ушул чындыкты жүрөгүм менен сезем.

БАТАМ:

Агарган таң менен бирге аруу, таза ниет, жакшы ойлор бирге ойгонсун!

Улуу күн убагынан бир ирмем кечикпей, биз үчүн таң атып жатышы кандай улук – чексиз сый!

Бул – «жерлик дүйнөдө» абадан, суудан жогору турган бир да азык жок чыгар, бул не деген зор сый!

Мындай бактыга жүрөктүн тереңинен урмат кылып, кубануу гана керек.

Муңаюу, капалык, таарыныч, ачуулануу, жек көрүү сыяктуу терс чыңалуулар – биздин өмүргө татыксыз!

Муну сезүүгө эч качан кеч болбойт.

Кутман таң! Кубаныч шаң! Бар бололу!

* * *

«Өктөбүрдүн таңы атып», – деп, улуу Токтогул ырдаган...

Өктөбүрдүн таңы – өмүрдүн шаңы болсун!

Өткөн күн жакшы болгон болсо, дагы болсун!

Кучак жайсын куттуу таң!

Кубанычтуу КУТМАН ТАҢ!

Бар боголу!

* * *

Аптанын башы дүйшөмбү эң жакшы маанай менен башталсын! Ар бир иш-аракетибиз ак тилектерибизге эриш-аркак болсун. Сөзүбүз өзүбүзгө, өзүбүз сөзүбүзгө жарашкыдай күн кечирели! Ден соолук чың болуп, көңүлүбүз көкөлөп, маанайыбыз жайдары болсун!

КУТМАН ТАҢ!

* * *

Жандуу-жансыз, жакшы-жаман, алдуу-алсыз, абийирдүү-арсыз дебей, жарык шооласын, жылуу мээримин төккөн Күн үчүн алкыш!

Таңды көргөнүбүзгө канымет!

Жанга тийиштүү дөөлөттөрүбүз соо болсун!

Денге тийиштүү дөөлөттөрүбүз соо болсун!

Малга тийиштүү дөөлөттөрүбүз соо болсун!

КУТМАН ТАҢ!

* * *

Жүрөгүбүз тынчтык менен мээримге толсун! Рухубуз ачылсын!

Муңайбастан күлөлү!

Күнү бою сергек жүрөлү!

Бакыттын башталышы – баш көтөрүү;

Таалайдын башталышы – таңды тосуу.

КУТМАН ТАҢ!

* * *

Кудай алдында жүрөгүбүз таза, журт алдында жүзүбүз жарык, денибиз сак болуп, изги иштерибиз илгерилей берсин!

КУТМАН ТАҢ

* * *

Кечте шаттуу көңүл, түндө таттуу уйку каалайм! Бүгүнкү өткөн күнүбүзгө шүгүр кылып, эртеңки күнүбүзгө үмүт арталы!

БЕЙПИЛ ТҮН!

* * *

Куттуу таң кубаныч берип, эс алуу күн күч-кубатка толтурсун!

Жакшы ойго ынак кылсын! Жаман ойдон ыраак кылсын!

Бардык жакшылыктар сөзүбүздө да, көзүбүздө да, тилибизде да, дилибизде да болсун.

КУТМАН ТАҢ!

* * *

Кыргызстандын сулуу таңы ички күүбүздү миң кыялга толгосун! Күнүбүздө кубанычтын, шаттыктын, жаркын маанайдын оркестри ойносун!

Ар учурдун кайрылып келбесин, өмүр өзгөчө улуу аманат экенин сезип, бир-бирибизге алыстан болсо да, дилибизге жакын тилектерди арнайлы!

Жакшылык бизге жанашсын!
Жамандык бизден адашсын!
Эсенчилик, соолукта
Эчен жакшы таң атсын!

Тилибиз айткан жакшы сөз,
Дилибизге жарашсын!
Жасаган туура ишибиз,
Жакшы тарых жаратсын!
КУТМАН ТАҢ!

* * *

Уйкудан ойгонгондо бири-бирибизди жакшы тилектер менен жаркын маанайга жетелеген жакындар бар бололу!

Ден соолук чың болсун, көңүл кирдеткен нерселерден сактанып, күнүбүздү куунак жана аздек өткөрөлү! Бул – биздин өмүрүбүз!..

Кутман таң!

* * *

Жашоо – өтө, өтө-ө зор, керемет белек! Буга биз чексиз ыраазы гана болушубуз шарт жана буга тең эч нерсе менен Жаратканга бир нерсе төлөй албайбыз!

* * *

Кыргыз жергеси кандай кооз, эгер биз ал сулуулукту көрө алсак;

Кыргыз жергесинин табияты – симфония, эгер аны биз уга алсак;

Кыргыз элинин тарыхы улуу, пейили кенен, жан дүйнөсү бай, эгер биз аны курутуп албасак;

Биз мындай Мекенде ойгонгон ар бир таң үчүн чексиз бактылуубуз, эгер биз аны сезип, түшүнүп, барктай алсак.

Кутман таң!

Бекем ден соолукта бололу!

* * *

Жүрөгүбүздү жарык кылган сапаттарыбыздан ажырабасак экен!

Кутман таң!

Элмирбек Иманалиев

# АК ТАҢДАГЫ
# АК БАТА

2-басылыш

*Топтогондор:* Нурзат Абдрашитова,
Мунара Алимжан кызы

*Редактору:* Мирлан Самыйкожо

*Корректору:* Эрлан Жумагазиев

*Сүрөтчүсү:* Самат Асылкеримов

*Компьютердик калыпка салган жана
мукабасын жасалгалаган:*
Адилет Асанбеков

Ченеми 60х84 1/32. Көлөмү 4,0 б.т.
Офсеттик басуу. Нускасы 1000.
Palatino арибинде терилди.

ЖИ «Сарыбаев Т.Т.» басмаканасында
басылды
720049, Бишкек ш., Раззаков к., 49.

ISBN 9967926937
9 789967 926936